# Мектепте билим берүү тутумунда Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун калыптандыруу

## Сабактар жыйнагы

**1– 4 класстар**

ОРГАНИЗАЦИЯ ОБЪЕДИНЕННЫХ НАЦИЙ

ОБЪЕДИНЕННЫЕ НАЦИИ
**ПРАВА ЧЕЛОВЕКА**
УПРАВЛЕНИЕ ВЕРХОВНОГО КОМИССАРА

Бул басылма Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №341-р тескемеси менен бекитилген 2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүү концепциясын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан жактырылган "Туруктуу тынчтык жана өнүгүү үчүн инклюзивдик башкаруу жана жалпы иденттүүлүк" долбоорунун алкагында КР Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Кыргыз билим берүү академиясы менен кызматташуунун негизинде даярдалды жана БУУнун Тынчтык куруу фондунун финансылык колдоосу менен, БУУӨП жана ЮНИСЕФ менен биргеликте БУУнун Адам укуктары боюнча Жогорку комиссарынын башкармалыгы тарабынан ишке ашырылат.

# Мектепте билим берүү тутумунда Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун калыптандыруу

## Сабактар жыйнагы

ЭКИ БӨЛҮКТӨН ТУРАТ

1-бөлүк

1 – 4 класстар

А. Р. Алишеванын редакциясы астында

Бишкек - 2024

УДК 372.83
ББК 74.226.0
М 46

**Автордук жамаат:**

**Мен жана дүйнө**
А. Р. Алишева, тарых ил. канд. (жетекчи) – Киришүү; 6, 11-сабактар.
Г. М. Абдулкасимова – 5-сабак.
Ч. А. Аттокурова – 8 – 9-сабактар.
Д. Н. Шаршембиева – 1 – 4; 7; 10-сабактар.

**Көркөм сүрөт чыгармачылыгы**
Д. А. Акматов – 1-сабак.

КР Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Кыргыз Билим берүү академия Окумуштуулар кеңешинин чечими менен сунушталды.

Иманкулов М. К., пед. илим. канд., КБА

Басылмага жооптуу: Э. Р. Исакулов, БУУ АУЖКБ

Переводческое агентство «ПРОФЛИДЕР». Бишкек. www.pltranslate.com

М 46 **Мектепте** билим берүү тутумунда Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун калыптандыруу. Сабактар жыйнагы. 1-б. 1– 4 кл. / А.Р. Алишева, Ч. А. Аттокурова, Д.Н. Шаршембиева ж.б.; А. Р. Алишеванын редакторлугу астында. – Б., 2024. – 82 б.

ISBN 978-9967-34-136-4

Жыйнак социалдык билим берүү жаатындагы предметтин мугалимдерине жардам катары иштелип чыккан сабактарды камтыйт. Сабактардын темалары кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун калыптандыруунун коюлган милдеттери менен байланышкан.

Бул жыйнакта чагылдырылган пикирлер БУУ АУЖКБнын же БУУнун Тынчтык куруу фондунун расмий пикири катары эсептелбейт.

УДК 372.83
ББК 74.226.0

ISBN 978-9967-34-136-4

© КР ББИМ караштуу Кыргыз билим берүү академиясы

## МАЗМУНУ


*Кириш сөз* ........................................ 4

*Киришүү* ........................................ 6

**1-бөлүм. Мен жана дүйнө** ........................................ **8**

1. Жаратылышка кам көрүү. 1 класс ........................................ 9
2. Адамдын эмгеги. 1 класс ........................................ 14
3. Укук жана жоопкерчилик. 2 класс ........................................ 20
4. Бишкек – Кыргызстандын борбору. 2 класс ........................................ 25
5. Мен жана менин эмоцияларым. 2 класс ........................................ 29
6. Кыргызстан боюнча саякат: Ысык-Көл облусу. 3 – 4 класс ........................................ 31
7. Жазгы майрамдар. 3 класс ........................................ 46
8. Кыргызстандагы этникалык каада-салттар, үрп-адаттар. 3 класс ........................................ 52
9. Экологиялык тең салмактуулук. 4 класс ........................................ 56
10. Кыргызстан жөнүндө дүйнөдө кантип билишет? 4 класс ........................................ 61
11. Дүйнө элдеринин үйлөрү жана маданияты. 4 класс ........................................ 66

**II-бөлүм. Көркөм сүрөт чыгармачылыгы** ........................................ **76**

1. Түстөр дүйнөсүнө саякат. 1 класс ........................................ 77

# КИРИШ СӨЗ

Кыргызстанда элдин башын бириктирүүчү жалпы жарандардын өзүн таануусун түзүүнүн актуалдуулугу күн санап өсүп бара жатат. Ушуга байланыштуу мамлекеттин демилгеси менен 2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы» кабыл алынган.

Концепциянын максаты: жарандардын өзүн таануусун – Кыргыз жаранын таанусун илгерилетүү үчүн жагымдуу чөйрөнү өнүктүрүү саналат. Кыргыз элинин биримдигин чыңдоо Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнү камсыз кылган маанилүү шарт болуп эсептелет. Концепциянын алкагында мекемелер, уюмдар жана жарандар Кыргызстан элинин ынтымагын жана биримдигин өнүктүрүүгө өз салымдарын кошо алышат.

Демократиялык жарандуулукту, коомдун ынтымагын жана Кыргызстан элинин биримдигин тарбиялоо көпчүлүк учурда мектеп мугалиминин берген тарбиясына жараша болот. Ошого байланыштуу Борбордук Азия үчүн Бириккен Улуттар Уюмунун Адам укуктары боюнча Жогорку комиссарынын башкармалыгынын (БУУ АУЖКБ) Регионалдык бөлүмү Концепцияны ишке ашырууга салым катары Социалдык билим берүү жаатынын окуучулары үчүн сабактардын иштелмелеринин жыйнакун даярдоодо жана жарыкка чыгарууда Кыргыз Билим берүү академиясын колдоо жөнүндө чечим кабыл алды.

Окуу жана тарбиялоо программаларына Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусунун калыптанышына түрткү берүүчү компоненттерди киргизүү билим берүү тутумунун концептуалдуу милдети болуп саналат:

- Жеке жана жарандык жоопкерчиликке тарбиялоо.
- Баалуу мамилелерди калыптандыруу: Мекенге болгон сүйүү, улуттук салттарды сыйлоо жана Кыргызстандын маданий мурастарына жана жаратылыш байлыгына аяр мамиле жасоо.
- Полимаданий билимди кеңейтүү, маданият аралык толеранттуулукка тарбиялоо, адам укугун сыйлоо жана сактоо аркылуу коомдун көп түрдүүлүгүнө баалуу мамиле жасоо.
- Мамлекеттик тилди билүү элди бириктирүүчү маанилүү фактор болуп саналат. Ошондуктан мамлекеттик тилди окутуу методикасын жана сапатын жакшыртуу милдети коюлган. Коомдо расмий (орус) тилдин суроо-талапка ээ болушун камсыз кылуу.

- Жарандар эне тилин, мамлекеттик тилди, расмий жана чет тилдерин эркин билүүсү үчүн көп тилдүү билим берүүнү өркүндөтүү.

Бул жыйнакта сунушталган сабактардын иштелмелери мектепте билим берүү системасынын алдына коюлган концептуалдык милдеттерди ишке ашыруудагы аракеттердин бөлүгү болуп саналат. Жыйнак социалдык билим берүү жаатындагы предметтердин мугалимдерине арналган. Бул жыйнактын конкреттүү милдети – жарандын өзүн таанусун калыптандыруу үчүн методиканы жана материалдарды камтуу менен, сабактардын мисалдарын мугалимге жардам катары берүү; окуучуларды өз аракеттерин жана эмоцияларын туюнткандары үчүн жоопкерчилик тарта билүүсүнө, адам укугун коргоого, кабыл алынуучу чечимдерге жоопкерчилик тартуусуна жана демократиялуу жаранды туюндурган башка сапаттарга тарбиялоо.

Башталгыч мектепте “Мен жана дүйнө” предмети боюнча сабактар маданий көп түрдүүлүк жана Кыргызстандын жаратылыш байлыгы, ошондой эле дүйнө элдеринин маданияты жөнүндөгү темаларды камтыйт, бул болсо глобалдык деңгээлдеги адамдык коомдун көп түрдүүлүгүнө баалуу мамиле жасоого тарбиялоого түрткү берет.

Авторлор сабактарды апробациядан өткөргөн жана баалуу сунуштамаларды берген бардык мугалимдерге ыраазычылыктарын билдиришет.

Урматтуу Мугалимдер!

Балдарды мектептеги алгачкы жылдарында окутууда Сиздер зор чыдамкайлык менен болгон күч-кубатыңыздарды аябай иштеп келесиздер, ошону менен бирге Сиздер алардын турмушунда үлгү көрсөтүүчү инсан боюнча кала бересиздер. Сиздердин педагогикалык ишиңиздерде ийгиликтерди гана каалайбыз!

Муратбек Иманкулов,
*консультант*

Атыркуль Алишева,
*редактор*

# КИРИШҮҮ

2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы мамлекеттин актуалдуу демилгеси болуп саналат. Концепция Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун Кыргыз Республикасынын бардык жарандарын жарандык өзүн таануусун бириктирүүчү катары курууга карата аракетти алдыга чыгарып жатат. Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүү концепциясынын идеяларын илгерилетүүдө жана көп түрдүүлүктү сактоодо мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу органдары, анын ичинде билим берүү тутумунун мекемелери өзгөчө роль ойношу керек.

**Концепциянын максаты:** Кыргыз жараны – жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүү жана илгерилетүү үчүн жагымдуу чөйрөнү өнүктүрүү.

**Кыргыз жараны** – бул этникалык, диний, социалдык жана регионалдык таандыктыгына карабастан, КР Конституциясына ылайык өз укуктарына жана милдеттерине ээ болгон Кыргыз Республикасынын жараны.



*Мамлекет жарандарды катыштырбастан, жарандык өзүн таанууну калыптандыра алабы?*

Албетте, жарандык өзүн таанууну калыптандыруу – эки тараптуу процесс, ал мамлекетти, жергиликтүү өз алдынча башкарууну жана жарандарды, мугалимдерди, жарандык жигерчилерди, ишкерлерди ж.б. камтып турат.

*Жарандык өзүн таанууну калыптандыруу процессинде мамлекет эмнени камсыздайт?*

- жарандык өзүн таанууну: маданиятты, тилди, динди сактоо;
- адам укугун коргоо, басмырлоого жол бербөө жана натыйжалуу теңчилдик;
- коомдун көп түрдүүлүгүн таануу жана сыйлоо;
- жарандарга маалымат жеткирүү жана агартуу;
- башкарууга этностордун өкүлдөрүн кошуу саясаты.

*Бул процессте жарандардын жоопкерчилиги кандай?*

- жарандар бекем коомду курууга умтулушат;
- ишенимдин жана өз ара сый-урматтын негизинде коомдор аралык, маданият аралык байланыштарды өнүктүрүшөт;
- дүйнө маданиятын жана Кыргызстан элинин биримдигин илгерилетүү менен жалпы жарандык маданиятты түзүүгө жигердүү катышат.

## Дүйнө маданияты: адамдардын бирге жашоо жөндөмү

Бирге жашоо жөндөмү маданий көп түрдүүлүктү коомдун баалуулуктары менен таануу жана дүйнө маданиятынын негизинде өз ара мамилелерди куруу дегенди туюнтат. Бул маданияттар аралык толеранттуулук, плюрализм жана тилектештик; коомдук-саясий турмушка катышууга даярдык, кызматташтык жана ыктыярдуу (волонтердук) иш. Бирге жашоо жөндөмү коңшулар менен ынтымакта жашай алуу маданиятын да камтып турат.

***Кыргызстан – жарандардын бардыгын бириктирип турган Мекенибиз!***

# Мен жана дүйнө



*Д. Н. Шаршембиева*

# 1 Жаратылышка кам көрүү

*1 класс*

**Күтүлүүчү жыйынтыктар.** *Окуучулар:*

1) Жашыл көчөттөрдүн пайдасы жөнүндө айтып беришет;

2) Жараталыштын маанисин жана баалуулугун түшүндүрүшөт;

3) Адам баласынын жараталышка, токойго, парктарга жана жаныбарларга болгон мамилесин баалашат;

4) Жаратылышка болгон терс аракеттердин кесепеттерин талдоого алышат;

5) Өсүмдүктөрдү, жаныбарларды жана канаттууларды багып кароо көндүмдөрүн көрсөтүшөт.

**Усулдар жана ыкмалар:** мээге чабуул, талкуулоо, чыгармачыл иш, жупта/топто иштөө.

**Жабдуу:** проектор, сүрөттөр, кагаз, фломастерлер.

**Негизги түшүнүктөр:** көмүр кычкыл газы, климат, айлана-чөйрө.

**Кислород –** түссүз газ, аны менен адам баласы дем алат.

**Климат –** бул айылдагы, шаардагы, райондогу жыл сайын кайталанып турган аба ырайы.

**Айлана-чөйрө –** бул бизди курчап турган тирүү жана тирүү эмес да жаратылыш.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

**Сабактын темасын актуалдаштыруу.** Интерактивдүү талкуулоо:

- Сиз паркка/токойго барганды жакшы көрөсүзбү?
- Паркта/токойдо өзүңүздү кандай сезесиз?

*Сабактын темасын аныктоо:* Силер кандай ойлойсуңар, бүгүн биздин сабагыбыз эмне жөнүндө болот?

**1-кадам. Мугалим презентация өткөрүп, текстти окуйт.**

Токойлор, парктар жана бакчалар адамдын жашоосунда кандай роль ойнойт?

Тоолордо, токойлордо түрдүү жаныбарлар, канаттуулар, чымын-чиркейлер жашашат, андан сырткары дарылык касиети бар бир топ өсүмдүктөр өсөт. Адамдар токойдо жемиштерди, мөмөлөрдү чогултушат. Токой – адамдар сүйүп эс алган жер. Жанында токой болбосо, адамдар паркта же бакчаларда эс алышат. Бак-дарактар адам баласы үчүн кооптуу болгон микробдорду жок кылуучу фитонциддерди бөлүп чыгарышат. Бак-дарактар  ансыз бир да тирүү жан: адамдар да, жаныбарлар да, канаттуулар да жана өсүмдүктөр да жашай алба-

ган затты – кислородду иштеп чыгарат. Бак-дарактар менен бадалдар жааган жамгырдан жана эриген кардан нымдуулукту кармап алып, сактап турушат. Бак-дарактардын, балдардардын жана чөптөрдүн тамырлары жер кыртышын суунун жеп кетишинен, ал эми дарыялар менен көлдөр – анын кирдешинен сактап турушат. Токой биз дем алып жүргөн абаны тазалап турат – чаңдар менен зыяндуу заттар жалбырактарга түшүп, анан жамгыр менен жуулат да, топого сиңип кетет. Бак-дарактар жерди катуу шамалдан, суу ташкындарынан коргоп турат. Токойлор болгон үчүн Жер планетасында түрдүү жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн түрү жашап келе жатат.

*Суроолорду талкуулагыла:*

- Парктарда, тоолордо жана токойлордо кандай бак-дарактар өсүшөт?
- Паркта, токойдо, тоолордо кандай жаныбарлар жашашат?
- Парктар менен токойлор кандай ролду аткарышат?

**2-кадам. Жаратылыш жана мен.**

Окуучулар менен суроону талкуулагыла: Бакчабызга кантип кам көрүшүбүз керек?

**1-тапшырма. Окуучуларга "Жаратылышка кам көрүү" кластерин толтурууну сунуштагыла.**

1. Бакчага, гүлдөргө, жаныбарларга кантип кам көрүшүбүз керектиги жөнүндө сүрөттөрдү алдын ала даярдап алгыла.
2. Тактага кластерди чийгиле.
3. Жуптагы/топтогу окуучулар карточкаларды тандап алышып, кластерге чапташат.



**2-тапшырма. Окуучулардын ар бир жубуна сүрөт тандап алууну жана жашыл көчөттөрдүн, токойдун жана бакчанын келтирген пайдасы жөнүндө айтып берүүнү сунуштагыла.**



1-сүрөт. Токой
https://flomaster.club/uploads/posts/2022-08/1660698185_17-flomaster-club-p-kartinki-lesa-dlya-detei-krasivo-23.jpg



2-сүр. Токой жаныбарлары
https://abc-decor.com/img/gallery/3/thumbs/thumb_l_8302.jpg



3-сүр. Суунун тамчысы
https://sun6-22.userapi.com/



4-сүр. Аба
https://koncpekt.ru/uploads/posts/2022-04/1649937130_1.jpg



5-сүр. Токой мөмөлөрү
https://shareslide.ru/img/thumbs/



6-сүр. Жаан
https://i.ytimg.com/vi/0ixvMEtpTiU/maxresdefault.jpg



7-сүр. Дарыя
https://wallart.ua/wplg/4857-orig.jpg



8-сүр. Адам кислород менен дем алып жатат
https://regnum.ru/uploads/pictures/

**3-кадам. Тасма көрүү** (https://www.youtube.com/watch?v=vnUctpqYxLo)

**Мугалимге сунуштама:** Тасманы көрүп жатканда окуучулардын түшүнүгүн текшерүү үчүн пауза жасаңыз. Талкуу жүргүзүңүз:

*Класста талкуу жүргүзүңүз:*

- Адамдын жашоосунда бак-дарактардын ролу кандай? Адамга бак-дарактар кандай пайда алып келерин санап бергиле?
- Парктардын жана жашыл көчөттөрдүн шаарларда ролу кандай?

**4-кадам. Токой жаныбарларын атаңыз. Биз аларга, алардын балдарына кандай мамиле жасашыбыз керек?**

**Мугалим текстти окуйт:** Арслан жайында үй-бүлөсү менен айылга чоң энесиникине барды. Айыл тоо этегинде жайгашкан, ал жакта токой менен аккан суу бар эле. Арслан кирпинин баласын таап алып, шаардагы батирине алып кеткиси келди. Бирок ата-энеси ага уруксат бербей койду.

*Окуучулар менен бул суроолорду талкуулагыла:*

- Арслан туура кылдыбы? Ал кирпинин баласын үйүнө эмне себептен алып кеткиси келди?
- Кирпинин баласын токойдон үйүнө алып кетүүгө ата-энеси эмне себептен уруксат бербей койду?
- Кирпинин баласын жашап жүргөн жеринен алып кетсе, ал эмне болот? Арслandын үйүндө ал канча убакыт жашай алат?
- Элдин бардыгы эле жаныбарлардын балдарын үйлөрүнө алып кете берсе, эмне болот?

*Аягында талкуунун жыйынтыгын чыгаргыла:*

- Арслан кирпинин баласын эмне кылышы керек?
- Уясынан түшүп калган канаттуунун балапанын көрсөңөр эмне кыласыңар?
- Кыргызстанда жаныбарлардын жана канаттуулардын түрдүүлүгүн кантип сактай алабыз?

**5-кадам. Окуучуларга суроо бергиле жана алар менен бирге жыйынтык чыгаргыла:**

- Парктарды жана токойлорду сактоо үчүн эмне кылуу керек?
- Токойдо кантип эс алуу керек? Токойдо эмне үчүн от жакканга болбойт?
- Өрт чыкса, тоолордо жана токойлордо жашагандар эмне болушат?
- Таштанды кагаздарды эмне үчүн чогултуп салуу керек?
- Айлана-чөйрөгө биздин жоопкерчилигибиз кандай?

**Жыйынтыгы**

1. Адам токойдо, көлдө, тоодо эс алууну жакшы көрөт. Бул ден соолукка жакшы таасир этет. Токойдо эс алып жүрүп, от жакканга, таштанды таштаганга болбойт. Өрт чыкса, токой өрттөнүп, жаныбарлар, канаттуулар, курт-кумурскалар, көпөлөктөр ж.б. күйүп кетет. Өрт адам үчүн өтө коркунучтуу, себеби анын түтүнү алыс кетип, шаарларга, айылдарга чейин жетиши мүмкүн.
2. Жаныбалардын балдарын адамдар үйүнө алып кетүүгө болбойт, себеби алар оюнчук эмес, тирүү жандар.
3. Жыгачтан кагаз, эмерек жасашат. Токойду сактоо үчүн, токойго жоопкерчиликтүү мамиле жасоо керек: кагаздарды жыйноо, бактардын жаңы көчөттөрүн отургузуу, шаарларда парктарды түзүү зарыл.
4. Бак-дарактарды жана башка жашыл көчөттөрдү сугарып, топосун жумшартып, куураган бутактарын алып, карап багуу керек.
5. Парктарда түрдүү канаттуулар менен тыйын чычкандар болот, аларга өзгөчө кышында кошумча тамак берип кароо керек.

**Рефлексия**

Окуучуларга алманы түсү боюнча тандап, “Ийгилик дарагына” жабыштырууну сунуштаңыз:

- кызыл алма – *мага кызыктуу болду;*
- жашыл алма – *сабактан көп жаңы нерсе үйрөндүм;*
- сары алма – *мен аракеттендим.*



*Д. Н. Шаршембиева*

# 2 Адамдын эмгеги

*1 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1) адамдардын эмгегин жана маанилүүлүгүн аныктайт;

2) коомдогу түрдүү кесиптердин маанилүүлүгүн сүрөттөйт;

3) өзүнүн жоопкерчилигин аныктайт.

**Усулдар жана ыкмалар:** мээге чабуул, талкуулоо, ролдук оюн, жупташып жана топто иштөө, жекече иштөө.

**Жабдуу:** сүрөттөр, проектор, ватман, фломастерлер.

**Негизги түшүнүктөр:** Эмгек, кесиптер, сый-урмат.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

### 1-кадам. Сабакты төмөнкү суроолор менен баштаңыз:

- Эртең менен ойгонгондон кийин эмне кыласыңар? (тишти жууйм, эртең мененки тамак ичем, кийинем, мектепке жөнөйм).
- Сизге күн сайын ким кам көрөт (эртең мененки тамагын жасайт, мектепке жеткирет, окутат)?

Үй-бүлөдө бизге апам, атам, эжелерим жана байкелерим, чоң энем же чоң атам жардам берерин белгилегиле. Биз бизге пайдалуу нерселерди жасаган адамдары күн сайын кезиктиребиз.

### 2-кадам. Пазлды чогултуу


Мугалим кесилген сүрөттөрдү таратат да,[1] пазлды чогултууну өтүнөт.

**Мугалимге маалымат:** Айылдын жана шаардын жашоосунан башка сүрөттөрдү кошуңуз.


*Чогулган пазлды талкуулагыла:*

- Сүрөттө ким тартылган жана ал эмне ишти аткарып жатат?
- Бул кесип адамдарга кандай пайда алып келет?
- Айыл жери үчүн кандай иш мүнөздүү?

[1] https://papik.pro/risunki/57894-risunok-milicionera-50-foto.html




1-сүрөт. Фермер аял



2-сүрөт. Тигүүчү



3-сүрөт. Мугалим




4-сүрөт. Куруучу



5-сүрөт . Сатуучу[2]



6-сүрөт. Ашпозчу



7-сүрөт. Короо шыпыргыч
https://ru.freepik.com/free-photos-vectors/

[2] https://yandex.by/images/search




8-сүрөт. Милиционер
https://papik.pro/risunki/57894-risunok-milicionera-50-foto.html

## 2-тапшырма. Токтоп окуу

Мугалим китеп окуп жатып, токтоп, окуучуларга суроо берип турат.

**Өлкөнү өнүктүрүү үчүн эмгектин маанилүүлүгү**

Биз Кыргыз Республикасында жашап жатабыз. Биздин сонун өлкөбүздө түрдүү адамдар жашап, эмгектенишет. Алардын ар бири өзгөчө жана алардын ар бири коомдун өнүгүшүнө өз салымдарын кошушат. Келгиле, айрым кесиптер менен таанышалы!

Ар бир адам өзүнө кесип тандап алат. Айрым адамдар биз күнүгө колдонуп жүргөн түрдүү буюмдарды жасап, фабрикаларда жана заводдордо иштешет. Ал өз ишинин чебери. Ошолордун артынан биз кийим кийип, оюнчуктарга, машиналарга жана башкаларга ээ болуп жүрөбүз.

Кимдир-бирөө талаада иштеп, дан өстүрөт, ал эми набайчы нан бышырат. Дарыгерлер, медайымдар биздин ден соолугубузга кам көрүшөт. Биз ооруп калсак, алар бизди дарылашат. Мугалимдер болсо бизге жазганды, окуганды, санаганды үйрөтүшөт. Билимибизди жана билгичтигибизди өстүрүүгө бизге жардам беришет. Өрт өчүрүүчүлөр өрт өчүрүшөт, милициялар тартипти сакташат. Алардын баатырдык аракеттеринен улам биз өзүбүздү корголгон сезебиз. Программисттер компьютердик программаларды иштеп чыгышат, ошонун негизинде биз интернетте кызыктуу нерселерди таба алабыз.

Мына көргөнүңөрдөй, Кыргызстанда түрдүү адамдар жашап, эмгектенишет, алардын ар бири биздин жашообузга маанилүү салым кошуп турушат. Биз алардын эмгегин сыйлап, баалашыбыз керек, себеби алар бизге мыкты келечек курууга жардам берип жатышат!

*Текстти талкуулагыла. Талкуулоо үчүн суроолор:*

1. Адамдар эмне үчүн иштешет?
2. Куруучунун иши эмнеси менен пайдалуу?
3. Талаада кандай иштер аткарылат?
4. Бакчада жана короодо иштер жылдын кайсы мезгилинде аткарылат?
5. Ооруп калсак, кимге кайрылабыз? Эмгек ден соолуктан кантип көз каранды?

6. Эмне себептен мугалимдин эмгеги маанилүү? Билим адам баласынын жашоосуна кандай таасир этет?
7. Биздин коопсуздугубузга ким кам көрөт?
8. Кайсы эмгек бардыгынан маанилүү? Эмне себептен адамдардын кандай болбосун эмгеги баалуу болот?

**3-кадам. Окуучуларды 4 – 5 адамдан турган тайпаларга бөлгүлө.**

Түрдүү кесиптер менен карточкаларды тараткыла.

**Тапшырманы түшүндүргүлө:** Ар бир тайпа өз карточкасы боюнча кесипти билдирет.

*Мугалим суроолорду тактага жазат:*

- Силердин күнүңөр эмнеден башталат?
- Ким менен жолугушасыңар жана эмне кыласыңар?

Окуучуларга ролдорду өз ара бөлүштүрүп алганга жана «Менин иш күнүм» деген театралдык сценка даярдоого жардам бергиле.

Азыр болсо, бул адамдар өз иштерин аткарбай койсо, эмне болорун көрсөткүлө. Мисалы, врачтар ооруканага келбей коюшту, сатуучулар ишке чыгышкан жок. Окуучулар театралдык сценка көрсөтүшөт.

**4-кадам. Окуучулар менен бирге жыйынтыктарды чыгаруу үчүн суроолорду бергиле:**

- Түрдүү кесип ээлери силер үчүн эмне кылат?
- Эмне себептен түрдүү кесиптер маанилүү?
- Түрдүү кесиптин ээлери өз ишине кандай мамиле жасашы керек?
- Келечекте кайсы кесипти тандагыңыз келет?
- Силер кесипке ээ болушуңар үчүн азыртан эмне кылуу керек?

**Жыйынтыктар:** Ар бир адам өз ишин жоопкерчиликтүү жана ак ниеттүү аткарышы керек. Кесипке ээ болуш үчүн келечекте жакшы окуу зарыл.

**1-тайпа.**






**2-тайпа**[3]










**3-тайпа**[4]









Мектепте



Үй-бүлөдө, үйдө

[3] https://kartinki.pibig.info/41705-professija-prodavec-kartinka.html
[4] https://kartinki.pics › 105439-programmist-kartinka-dl.

## Рефлексия

Силер сабакта өзүңөрдү кандай сезип жатасыңар?

Ошого жараша смайликти тандагыла.

Тандооңорду түшүндүрүп бергиле.

*Сабак учурунда мен алган жаңы билим*

| | | |
|---|---|---|
|  |  |  |

*Менин жигердүүлүгүм*

| | | |
|---|---|---|
|  |  |  |

*Классташтар менен кызматташуу*

| | | |
|---|---|---|
|  |  |  |

*Д. Н. Шаршембиева*

# 3 Укук жана жоопкерчилик

*2 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1) Өз укуктарын жана милдеттерин аныкташат;

2) Баланын укуктары жөнүндө конвенция менен өз укуктарынын ортосундагы байланышты табат;

3) Мектептеги/класстагы укуктары менен милдеттерин санап өтөт.

**Усулдар жана ыкмалар:** мээге чабуул, тайпалык иш.

**Жабдылышы:** 2-тапшырма үчүн карточкалар, картинкалар, А4 кагазы, түстүү кагаз, рефлексия үчүн кызыл жана жашыл тегеректер.

**Негизги түшүнүктөр:** укук, жоопкерчилик, Баланын укугу жөнүндө Конвенция.

### САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

### 1-кадам. Жаңы аныктамалар менен таанышуу.

*Мээге чабуул жүргүзгүлө:*

- Жаран деген ким?

**«Жаран»** гректин «шаардын тургуну» деген сөзүнөн келип чыккан, укуктарга жана мидеттерге ээ болгон адам.

- «Укук» сөзү эмнени билдирет?

**Укук** – бул мамлекет тарабынан корголуучу жүрүм-турум эрежелери жана адилеттүүлүк.

- Балада кандай укуктар бар?

## 2-кадам. Жуптарда иштөө

Мугалим карточкаларды кесет, аралаштырат жана карточкаларды стол үстүнө жайгаштырат.

**Окуучуларга тапшырма:** Ар бир жуп текст жазылган карточканы алып, үн чыгарып катуу окуп чыгарын, жана аны тактага жайгаштырарын окуучуларга түшүндүргүлө. Эгер текстте укук жазылган болсо, анда карточканы "ООБА" деген катарга, ал эми укук тууралуу эмес, башка жазылган карточкаларды "ЖОК" деген катарга жайгаштырышат. Окуучулар өздөрүнүн тандоолорун түшүндүрүп беришет.

Мугалим окуучулардын тандоосун жана жоопторун оңдойт. Ал үчүн окуучулар туура тандоо жүргүзүүгө жардам берүүчү багыттоочу суроолорду берет.

| ООБА | ЖОК |
|---|---|
| 1. | 1. |
| 2. | 2. |
| 3. | 3. |

### Мугалим үчүн карточкалар:

| ООБА | ЖОК |
|---|---|
| Өз пикирин жана идеясын туюнтуу | Буюмдарды сурабастан алуу |
| Өзүндөй болуу, индивидуалдуу болуу | Мени тажаткан адамды түртүп салуу |
| Окуу, мектепте китептерди жана окуу предметин пайдалануу | Башка адамдар жөнүндө каалаганымдын бардыгын айтуу |
| Мага адилеттүү мамиле жасашы үчүн | Каалаганымдын бардыгын жасоо |
| Мен өзүмдү көрсөтө алган иш-чараларга катышуу | Мектепте каалаган учурумда сейилдеп жүрүү |
| Мага өзүнө жасагандай мамиле жасаса жана басмырлабаса | Эгерде аны менен сүйлөшкүм келбесе, ага жооп бербей коюу |
| Спорт, искусство, жакшы көргөн иш менен алектенүү | Каалаган учурумда сүйлөө |
| Өзүмдү класста коопсуз сезүү | Мектепке каалаган учурумда баруу |

| | |
|---|---|
| Мен сүйлөп жатканда, мени угушу үчүн | Мектепке каалаганымдай кийинүү |
| Таза класста билим алуу | Таштандыны полго ыргытуу |

## 3-кадам. Баланын укугу жана жоопкерчилик

Адам төрөлгөндөн тартып 18 жашка чыкканга чейин бала болуп саналарын окуучуларга айткыла. Балдардын укуктары Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана Баланын укуктары жөнүндө конвенцияда жазылган. Кыргызстандын Конституциясы ар бир баланын укугун коргоону кепилдейт. Ар бир бала билим алууга, дарылануунга, өз пикирин туюнтууга, каалаган иши менен алектенүүгө, эс алууга, башкалар ага кам көрүүгө укуктуу.

Мектеп окуучулары укуктарга гана ээ болбостон, өздөрүнүн окуусу, ден соолугу үчүн жоопкерчилик да тартаарын түшүндүргүлө.

*Суроолорду талкуулагыла:*

- Үй-бүлөдө силердин жоопкерчилик кандай?
- Мектепте силердин жоопкерчилик кандай?

## 4-кадам. Чакан тайпаларда иштөө

4 - 6 окуучудан турган чакан тайпаларды түзгүлө.

- Бул укук эмнени туюндурат?
- Менин жоопкерчилигим кандай?
- Окуучулар өз жоопторуна сүрөттөрдү тандашат.



1-сүр. Достор
https://kartinkof.club/uploads/posts/2022-05/1653716784_32-kartinkof-club-p-kartinka-veselie-druzya-dlya-detei-32.jpg



2-сүр. Мектеп классы
https://papik.pro/uploads/posts/2021-11/1637153380_5-papik-pro-p-risunok-klassnaya-komnata-6.jpg



3-сүр. Китептер
https://i.pinimg.com/originals/



4-сүр. Жаратылыш
https://gas-kvas.com/uploads/posts/2022-10/1666947055_29-gas-kvas-com-p-multyashnie-foto-prirodi-29.jpg



5-сүр. Кыз футбол ойноп жатат
https://flomaster.club/uploads/posts/2021-11/1637996063_1-flomaster-club-p-risunki-detei-igrayushchikh-v-futbol-detsk-1.png



6-сүр. Бала ырдап жатат
https://image.winudf.com/v2/image1/



7-сүр. Мектеп спектакли
https://kartinkin.net/pics/uploads/posts/2022-08/1660898582_37-kartinkin-net-p-fon-teatralnii-detskii-krasivo-40.png



8-сүр. Гитара
https://artist-oil.ru/800/600/https/images.saymedia-content.com/.image/ t

- Окуучулар укуктарды жана жоопторду окушат.
- Тактада эки катар пайда болот: УКУК жана ЖООПКЕРЧИЛИК.
- Окуучулар укуктарын окушат да, жоопкерчиликтерин аташат.

**Мугалим үчүн:**

| УКУК | ЖООПКЕРЧИЛИК |
|---|---|
| *Менде кандай укутар бар?* | *Менин жоопкерчилигим кандай?* |
| Өз ойлорумду жана идеяларымды туюнтуу | Башкалардын сөзүн бөлбөө |
| Өзүндөй болуу, индивидуалдуу болуу | Башкалардын кадырын жана индивидуалдуулугун урматтоо |
| Окуу, мектепте китептерди жана окуу предметин пайдалануу | Жакшы окуу. Китептерге жана мектеп предметтерине дыкат мамиле жасоо |
| Өзүмдү көрсөтө алган иш-чараларга катышуу | Өзү жигердүү болуу |
| Мени басмырлабашы жана таарынтпашы үчүн | Башка балдарды: кыздар менен балдарды сыйлоо |
| Таза класста билим алуу укугу | Таштанды таштабоо, классты таза кармоо |
| Мага адилеттүү мамиле жасашы үчүн укук | Башкаларга карата адилеттүү болуу |
| Класста өзүн коопсуз сезүү укугу | Башкалардын ден соолугуна зыян келтирип албаш үчүн акырын жүрүү |
| Спорт, искусство, сүйгөн иши менен алектенүү укугу | Кружокко жазылуу |

**Рефлексия.** «Менин укуктарым жана жоопкерчилигим»

Балдар, мен силердин мектептеги укугуңар жана милдетиңер жөнүндө окуп берем. Эгер силер ага макул болсоңор, «ооба» деп жооп бересиңер да, жашыл түстү жогору көтөрөсүңөр, «жок» деп жооп берсеңер, кызыл түстү көтөрөсүңөр.

Мектепте …

1. Мен өзүмдүн индивидуалдуулугумду сактап, өзүмдөй эле жүрүүгө укугум бар.
2. Башкалар жөнүндө эмне ойлосом, ошонун бардыгын айтканга укуктуумун.
3. Мен башка адамдарды таарынта алам.
4. Мени эч ким таарынтпашы керек.
5. Мен жакшы окушум керек.
6. Мен эс алууга укуктуумун.
7. Мен жакшы көргөн ишим (спорт, искусство) менен алектене алам.
8. Мен досторум менен жолуга алам.
9. Мен сабак учурунда уюлдук телефонум менен ойной алам.
10. Мен балдар менен мушташа алам.
11. Мен класстын иш-чараларына катышам.
12. Мен мектепте тазалыкты сактайм.

*Д. Н. Шаршембиева*

# 4 Бишкек – Кыргызстандын борбору

*2 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1) Бишкек шаары – Кыргызстандын борбору экендигин айтышат;
2) Борбор – өлкөнүн башкы шаары экендигин түшүндүрүшөт.
3) Бишкек шаарынын ажайып жайлары жөнүндө айтып бере алышат.

**Усулдар жана ыкмалар:** мээге чабуул, тайпада иштөө, жекече иштөө.

**Ресурстар:** борбордун ажайып жайлары тартылган сүрөттөр, проектор, ватман.

**Негизги түшүнүктөр:** борбор

**Борбор** – мамлекеттин (Кыргызстандын) башкы шаары, анда Кыргызстандын Президенти, КР Жогорку Кеңеш, башкы мекемелер жайгашат.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

### 1-кадам. Экскурсия

Балдар, бүгүн биз өлкөбүздүн борбору Бишкек шаары боюнча экскурсияга чыгабыз. Экскурсияга троллейбус менен барабыз. Бул транспорттун электр энергиясы менен иштеген түрү. Троллейбустун чатырында электр тогу өтө турган 2 штангасы бар. Жүргүнчүлөр троллейбус менен шаардын каалаган жерине чейин бара алышат.



**1-аялдама.**

Биз Ала-Тоо аянтына келдик. Силер кандай ойлойсуңар, Борборго аянтын эмне кереги бар? Аянтта элдик эпостун карманы - Айкөл Манаска арналган «Айкөл Манас» эстелиги орнотулган. Анын бронзадан тургузулган зор фигурасынын бийиктиги 10 метрге жетет.

Ала-Тоо[5] аянтында Кыргызстандын желеги желбиреп турат. Флагштоктун жанында ак мармардан имарат жайгашкан – бул Кыргыз мамлекеттик тарых музейи. Биздин троллейбус андан ары жүрүп бара жатат. Азыр биздин көз алдыбызда Бишкек мамлекеттик цирки турат.

[5] https://yandex.ru/images



**Флагшток**

Аянтта турган Мамлекеттик желек илинген Флагштоктун бийиктиги 45 метр (бул 15 кабат үйдүн бийиктигиндей), анын эң чокусунда узундугу 15 метр, туурасы 10 метр болгон Мамлекеттик желек желбиреп турат.

Желектин каармандык менен эрдикти символдоштурган кызыл кездемеси сыймык менен желбиреп турат. Тынчтык менен байлыкты туюнтуп турган алтын нурлар алыстан эле көрүнөт. Бир тегерекке бириккен 40 нур байыркы 40 уруунун бирдиктүү Кыргызстанга бириккенин билдирет. Түндүк биздин өлкөнүн элинин биримдигин билдирет.

Кыргыз мамлекеттик тарых музейи Ала-Тоо аянтында жайгашкан. Кыргыз мамлекеттик тарых музейинин экспонаттары Кыргызстандын тарыхы жана маданияты жөнүндө баяндашат. Музейдин залдарында таштан жана темирден жасалган куралдарды, байыркы доордун тиричилик предметтерин, чопо идиштерди, костюмдарды, кездемелерди жана килемдерди, байыркы адамдардын үй-жайларын, байыркы курал-жарактарды, жазуу документтерин көрүүгө болот.

**2-аялдама.** *Биздин троллейбус андан ары жүрүп бара жатат. Азыр биздин көз алдыбызда Бишкек мамлекеттик цирки турат.*



**Бишкек мамлекеттик цирки**

Бишкек шаарынын ажайып жерлеринин бири болуп Мамлекеттик цирк саналат. Ал шаардын борборунда жайгашкан. Цирк – бул балдар үчүн оюн-зоок өтө турган белгилүү жай. Анын куполунун алдында акробаттар, клоундар, фокусниктер жана дрессировщиктер кызыктуу нерселерди көрсөтүшөт. Айрым учурларда аренага башка өлкөлөрдүн артисттери да келип, муздагы оюн зоокторду, жырткычтарды колго үйрөтүүнү жана башка кызыктуу нерселерди көрсөтүшөт.

**2-кадам. Чакан тайпаларда иштөө.**

Борбордун ажайып жерлери тартылган сүрөттөр тобун тайпадагыларга тараткыла.

**Тапшырма:** Балдар, силердин алдыңарда борбордун ажайып кооз жерлеринин сүрөттөрү турат. Кайсы жакка баргыңар келсе, ошол жердин сүрөттөрүн тандап алгыла. Аны тайпада талкуулагыла.

- Бул имарат кандай аталат?
- Эмне себептен ал жакка баргыңар келет?
- Силер кандай ойлойсуңар, бул имаратта/объектиде эмнени көрүүгө болот?

*Мугалим үчүн:* Тайпаларда окуучулардын колунда борбордун ажайып жерлери тартылган сүрөттөр бар.



КР Жогорку Кенеши



Гапар Айтиев атындагы Улуттук көркөм сүрөт искусство музейи




«Спартак» стадиону



Кыргыз Улуттук филармониясы



Кыргыз Улуттук университети



Соода жана оюн-зоок борбору «Азия молл»

**3-кадам. Класста жалпы талкуулоо:**

- Биздин борбордо кандай ажайып жерлер/объектилер бар?
- Борбордо эмнелер болуп турат? (чечимдер кабыл алынат, маданий иш-чаралар, майрамдар, спорттук иш-чаралар өткөрүлөт)
- Элдер Бишкекке эмне себептен келишет?
- Өлкөбүздүн башка шаарларынан борбордун айырмасы эмнеде?
- Ар бир өлкөнүн борбор шаары болот. Анын ролу кандай?
- Өлкөнүн жарандары үчүн борбор шаар эмне себептен маанилүү болуп саналат?

**«Практикалык тапшырма» аялдамасы**. Тайпаларда иштөө.

Борбордон барыш керек болгон «Топ 3» орунду тандап алгыла. Булар эң эле кызыктуу, тарыхый жактан маанилүү, кооз объектилер болсун.

Борборубуз Бишкек шаары жөнүндө видео түзгүлө же плакатка сүрөт тарткыла.

*Төмөнкү жерлерди чагылдыргыла:*

- Бул кайсы ажайып жер?
- Кыргызстандын жарандары үчүн бул объект эмне себептен маанилүү?
- Ага барып, көрүү эмне себептен кызыктуу?

## Рефлексия

Сабакта өзүңөрдү кандай сезгениңерди билдирген смайликти тандагыла. Эмне себептен ошондой сезим болгонун түшүндүрүп бергиле.

*Сабак учурунда мен алган жаңы билимдер*

| | | |
|---|---|---|
|  |  |  |

*Менин жигердүүлүгүм*

| | | |
|---|---|---|
|  |  |  |

*Классташтарым менен кызматташуу*

| | | |
|---|---|---|
|  |  |  |

*Г. М. Абдулкасимова*

# 5 Мен жана менин эмоцияларым

*2 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1) Эмоция менен сезимдер кандай болорун айтып беришет;

2) өздөрүнүн жашоосунда эмоциялардын пайда болушун айырмалай алышат;

3) курчап турган дүйнөнүн көп түрдүүлүгүн кантип түшүнүшкөнүн түшүндүрүшөт;

4) окшоштуктар менен айырмачылыктарды белгилешет;

5) баарлашуунун маанилүүлүгүн түшүндүрүшөт;

6) уга билүүнү, жакындарына жана досторуна сый мамиле жасоону жана аларга боор ооруну көрсөтүшөт.

**Усулдар жана ыкмалар:** Оюн, мээге чабуул, суроолорду жалпы талкуулоо, эстетикалык иш (сүрөт).

**Ресурстар:** пейзаж тартылган сүрөт, А4 кагаз барагы, маркерлер, түстүү карандаштар, скотч.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

**1-кадам. Мотивация.** «Комплименттердин жаашы» оюну.

Окуучулар 6-7 адамдан турган тайпалардан бир нече айлампа түзүшөт, алар класстын бош мейкиндигинде орун алышат. Ар бир айлампадагы биринчи окуучу оң тарабындагы классташына бурулуп, анын атын атап чакырат да, комплимент айтат (мисалы, Айбек акылдуу). Андан соң экинчи окуучу (Айбек) дагы оң тарабына бурулуп, жанындагы окуучуга биринчи окуучунун комплиментин кайталайт да, өз сөзү менен толуктайт (мисалы, Айнура акылдуу жана зирек кыз). Бул жол-жобо комплименттер кайра биринчи окуучуга жаап бүткөнгө чейин улана берет.

**2-кадам. Жалпы талкуулоо:**

1. Силерге эмнеси көбүрөөк жакты, комплиментти айтуунун өзүбү же аны угуубу?
2. Комплимент укканда кандай сезим пайда болду?
3. Комплиментти мындан башка кимден угуп жүрөсүңөр?
4. Өзүңөргө комплимент айтасыңарбы
5. Силер комплиментти кимге айтасыңар? Үй-бүлөңөрдө кимден, кандай комплименттерди угасыңар?
6. Эмне себептен адамдар өзүнө карата дайыма комплимент угуп туруусу зарыл?

7. Комплименттер силердин башка адамдар менен болгон мамилеңерге кандай таасир этет?

**3-кадам.** Эмоция деген эмне? Алар кандай болушат жана кантип пайда болот?

*Эмоция* – бул адамдарга же окуяларга карата адамдын жагымдуу же жагымсыз сезимдерин чагылдырган толгонуулар.

**4-кадам. Жекече көркөм сүрөт иши**

**1-тапшырма.** Баяндоо боюнча сүрөт тартуу.

Мугалим окуучунун каалоосу менен бирөөнү чыгарат. Алдын ала даярдалган фото сүрөттү оозеки түрүндө так сүрөттөп беришин өтүнөт. Мында башка окуучулар сүрөттү көрбөй турушу керек. Калган окуучулар аны кунт коюп угушуп, анын оозеки сүрөттөп бергени боюнча кагаз бетине аны чагылдырып тартышат.



**5-кадам. Окуучулар өздөрү тарткан сүрөттөрүн магниттик тактага илишет же скотч менен чапташат.**

Тактанын ортосуна мугалим Винсент Ван Гогдун «Күн карама» деген сүрөтүн жайгаштырат (башка сүрөт боло берет). Окуучулар тактанын жанына келишип, бардык сүрөттөрдү карап көрүшөт да, өзүнүн тарткан сүрөтүн Ван Гогдун сүрөтү менен салыштырышат.

*Винсент Ван Гог: Кун курама. 1888 г.*
*https://www.arts*

**6-кадам. Класста жалпы талкуулоо:**

*Алгач Ван Гогдун сүрөтүн баяндап берген окуучуга суроо бергиле:*

1. Сенин сүрөтүңдө эмне тартылган?

*Бүткүл класска суроо:*

2. Мында эмне тартылган?
3. Силердин сүрөттөр бул сүрөткө окшошпу?
4. Өзүңөрдүн сүрөтүңөр менен сунушталган сүрөттүн ортосунда кандай айырманы көрүп турасыңар?
5. Силер Ван Гогдун сүрөтүнүн баяндалышын уктуңар. Эмне себептен бардыгынын сүрөттөрү ар түрдүү болуп калды?

6. Улуу сүрөтчү Ван Гогдун «Күн карама» аталышындагы сүрөтүн карап туруп кандай сезимге кабылдыңар?
7. Күн карамаларды тарткандан кийин силерде маанай кандай болду?

### Жыйынтыктар

Мугалим ар бирибиз эмоциябызды ар кандай туюнтуп, айлана-чөйрөнү ар башкача кабыл аларыбызга көңүл бөлөт. Ар бир адам дүйнөнү ар башкача көрөт. Башкалар дүйнөнү кантип көрөрүн түшүнсөк, анда бири-бирибизди жакшы түшүнүп, баарлаша алабыз. Бул дүйнөнү биз кандай кабыл алсак да, ал баары бир сонун. Ар бир адам өз сезимин башкарып, алардын туюнтулушуна көңүл буруусу керектигине басым жасагыла.

### Рефлексия

Бүгүнкү сабактан силер кандай эмоцияга ээ болдуңар?

Смайликке чекит койгула

|  |  |  |
|---|---|---|
| | | |

*А. Р. Алишева*

# 6 Кыргызстан боюнча саякат: Ысык-Көл облус

*3 – 4 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1) Картадан өлкөбүздүн облустарын жана шаарларын табышат;

2) Ысык-Көл облусунун жаратылышынын жана ажайып жерлеринин өзгөчөлүктөрүн баяндап беришет. Баалуулуктарын аныкташат;

3) Кызыл Китептин маанисин түшүндүрүшөт. Биотүрдүүлүктү сактоодо Кыргызстандын салымын баалашат;

4) Өз аймагынын жаратылышын жана ажайып жайларын окуп үйрөнүүгө кызыгуулары артат;

5) Жаратылыш менен ажайып кооз жайларыбызга экологиялык жүрүм-турумдарды көрсөтүшүп, аяр мамиле жасашат.

**Усулдар жана ыкмалар:** мээге чабуул, тайпада иштөө, жекече иштөө, чыгармачыл иш.

**Жабдуу:** сүрөттөр, (проектор), коллаж үчүн сүрөттөр, флипчарттар, фломастерлер, скотч.

**Мугалимге маалымат:** Бул тема – Кыргызстандын аймактарын окуп үйрөнүү жана аймак таанууга кирет. Аймак таануу сабагы окуучулардын өз жеринде изилдөө иштерин жүргүзүүсү, жаныбарлар, көлдөр, дарыялар, өсүмдүктөр, белгилүү инсандар жана маданий мурастар тууралуу маалыматтарды чогултуусу менен айырмаланат.

## САБАКТЫН ПЛАНЫ

1. Теманы актуалдаштыруу.
2. Жаңы теманы окуп үйрөнүү: Мугалимдин презентациясы.
3. Сабактын темасын бышыктоо:
   - Кыргызстандын картасы боюнча иштөө.
   - Жупта иштөө.
   - Чакан тайпаларда иштөө.
4. Жыйынтыктар.
5. Рефлексия.

*Мугалим үчүн маалымат:*

Кыргызстанга арналган темалар жаратылышты, коомду, мамлекетти, этникалык жана маданий көп түрдүүлүктү камтып турат. Бул сабак Кыргызстандын жаратылышын окуп үйрөнүүгө арналган. Бирок бир сабактын аралыгында бул теманы толук үйрөтүп жетишүүгө мүмкүн эмес. Бул сабак окуучуларды Ысык-Көл облусунун жаратылышы менен тааныштырат.

Сабактын аталышы өлкөбүздүн башка аймактарына «саякатка чыгууну» болжолдойт. Ар бир аймакка арналган темаларды мугалим өзүнүн айылынын, райондун, шаардын жаратылышынын өзгөчөлүктөрү жөнүндө изилдөө компоненттерин кошо, аймак таанууга басым жасоо менен жүргүзө алат. Окуучулар өздөрүнүн айыл, району, облусу же шаары жөнүндө материалдарды топтошот. Ата-энелери, үй-бүлөдөгү улуу мүчөсү менен өз айылынын, шаарынын же районунун жаратылышы жана ажайып жайлары жөнүндө интервью жүргүзүү боюнча тапшырма берүүгө болот. Изилдөө компоненти менен жалпы эле тематика материалдарды чогултуу көндүмдөрүнө ээ болууга, Мекенге болгон сүйүүнү арттырууга, экологиялык жүрүм-турумду оңдоого түрткү берет.

«Кыргызстан ичинде саякат» аталышындагы андан кийинки сабакты мугалим бул сабактын тажрыйбасынан улам кура алат.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

### Актуалдаштыруу:

- Жайдын ысыгында көпчүлүк адам кайсы жакка баргысы келет?
- Биздин өлкөдө тоолордо жашаган жандыктар жөнүндө эмне билесиңер?
- Эмне себептен адамдар Ысык-Көлгө барып эс алууну жакшы көрүшөт?
- Силер кандай ойлойсуңар, бүгүнкү сабактын темасы кандай?

**Мугалимдин маалыматы жана презентациясы (Тиркемени кара).**
**Теманы бышыктоо**

### 1-кадам. Кыргызстандын картасы менен иштөө




**Класста жалпы талкуулоо жүргүзгүлө:**

- Кыргызстанда кайсы облустар бар?
- Ысык-Көл облусунун райондорун, айылдарын жана шаарларын атагыла. Кайсы шаар облустун борбору болуп саналат?

### 2-кадам. Жупта иштөө

Экран бетине Кыргыз Республикасынын Гербинин сүрөтүн жайгаштыргыла. Окуучуларга Кыргыз Республикасынын Гербинин сүрөтүн тартууну тапшыргыла.

- *Талкуу жүргүзгүлө:* Биздин аймагыбыздын жаратылышы Кыргызстандын Гербинде кандай чагылдырылган?

*Жооп:* Биздин өлкөбүздүн жаратылышы: Ысык-Көл, бүркүт жана буудайдын жана пахтанын машагы.

### 3-кадам. Чакан тайпаларда иштөө

Окуучуларды 5-6 адамдан бөлгүлө. Аларга коллаждар үчүн тапшырмаларды, флипчарттарды жана фломастерлерди, фото сүрөттөрдү жана сүрөттөрдү тараткыла.

*Мугалим үчүн маалымат:*

- Коллажда объектилер ортосунда өз ара аракеттер бар болгон жерлерде эки тараптуу стрелка тартууну окуучуларга тапшыргыла.
- Эки тараптуу стрелкалар объектилер бири-бирине көз каранды экендигин жана өз ара бири-бирине таасир этишерин көрсөтүшөт. Тактап айтканда, алардын ортосунда өз ара байланыш жана өз ара аракет бар.
- Иштеп жаткан учурларында тайпаларга жакын келип, окуучулар дагы башка компонеттерди кошо алышы үчүн аларга суроолорду бергиле. Мисалы: Дагы ким? Дагы эмне?

## 1-тайпа. Ысык-Көл облусу

**1-тапшырма.** «Ысык-көл облусунун шаарлары жана ажайып жайлары» аталышында коллаж түзгүлө жана алар тууралуу класска айтып бергиле.

Бул жакта көл жайгашкан, үч шаар: Каракол, Балыкчы, Чолпон-Ата бар.

Каракол шаары – облустун борбор шаары болуп саналат, анын негизделгенине 150 жылдан ашты. Ажайып кызыктуу жайлар өтө көп.

Каракол шаарында православдардын көз жоосун алган «Ыйык үчилтик» храмы бар. Ал 150 жыл мурун орус архитектору (1872-жылы) тарабынан курулган. Учурда өлкөбүздүн архитектуралык баалуулугу болуп саналат.

1910-жылы дунгандар тарабынан курулган дагы бир мечит да архитектуралык баалуулугубуз болуп эсептелет, ал 100 жылдан ашык убакыттан бери турат. Мечиттин чатыры кытай архитектурасын элестетип турат жана имараттын өзү бир да мык пайдаланылбастан, жыгачтан курулган.

**2-тапшырма.** Презентация даярдагыла жана класста айтып бергиле.

*Мугалим үчүн малымат:* Презентацияны жана класстерди класста жалпы талкууга алгыла.

1. Ысык-Көл облусунда кайсы шаарлар бар? Бул шаарлар эмнеси менен белгилүү?
2. Караколдогу мечитти эмне себептен дунгандардын мечити дейт?
3. Адамдар эмне үчүн жайында да, кышында да эс алууга Ысык-Көл облусуна барышат? (жооп: Тоодо лыжа тебүү базасы).
4. Өзүңөрдүн коллажыңарга дагы эмнени кошкуңар келет?

*Коллаждын үлгүсү:* «Ысык-көл облусунун шаарлары жана ажайып жайлары»:



## 2-тайпа. Ысык-көл

**1-тапшрыма.** Коллаж түзгүлө: Ысык-Көл жана анын айлана-чөйрө менен байланышы. Фото сүрөттөрдү, сүрөттөрдү колдонгула жана кошумча сүрөттөрдү тарткыла.

Көлдө ар түрдүү балыктар өсүтүрүлөт: сазан, чебак, сиг, судак, форель, маринка жана башка.

**2-тапшырма.** Презентация дарядап, класста айтып бергиле.

*Мугалим үчүн маалымат.* Презентацияны жана кластерди класста жалпы талкууга алгыла:

1. Көлдүн айлана-чөйрө менен байланышы кандай? Көл эмнеге көз каранды, эмнени алат да, айлана-чөйрөгө эмнени берет?
2. Көлдүн башкалар менен өз ара байланышы жана өз ара аракети кандай өтөт?
3. Кайсы объектилер менен эки тараптуу стрелка жүргүздүңөр? Түшүндүргүлө.
4. Көлгө адам тарабынан кандай коркунуч келтирилет?
5. Көлду кантип коргоо керек?

*Коллаждын үлгүсү:* «Көлдүн айлана чөйрө менен байланышы»:



### 3-тайпа. Ысык-Көл облусунун канаттуулары

**1-тапшырма.** Коллаж түзгүлө: Ак чардак жана аны курчаган чөйрө. Фото сүрөттөрдү пайдаланып, кошумча сүрөттөрдү тарткыла.

Ысык-Көл облусунда канаттуулардын көптөгөн түрү жашайт: алгыр куштар, бүркүттөр, ак чардактар. Ысык-Көл тоңбойт, ошондуктан бул жакка өрдүк, боз таан, каз, ак куу сыяктуу анаттуулар кыштаганы келишет. Айрым канаттуулар мамлекет тарабынан корголот – алар Кыргызстандын кызыл китебине киргизилген, аларды кармоого жана мергенчиликке чыгууга болбойт.

**2-тапшырма.** Презентация даярдагыла жана бүткүл класска айтып бергиле.

*Мугалим үчүн маалымат.* Презентацияны жана класстерди класста жалпы талкууга алгыла.

1. Канаттуулар эмне менен азыктанышат?
2. Ак чардак менен көлдүн байланышы кандай?
3. Канаттуулар чымын-чиркейлер, өсүмдүктөр жана бак-дарактар менен кандайча байланышкан?
4. Канаттуулар адам менен кандайча байланышкан?
5. Канаттуулардын айлана-чөйрө менен кандай байланыштарын силер дагы көрө алдыңар?
6. Өзүңөрдүн коллажда кайсы объектилер менен эки тараптуу стрелкаларды жүргүздүңөр? Анын себебин түшүндүргүлө.

*Коллаждын үлгүсү:* Ак чардак менен аны курчаган байланыштар.



### 4-тайпа. Жаныбарлар дүйнөсү: Ак илбирс

**1-тапшырма:** Коллаж түзгүлө: «Ак илбирс жана анын айлана-чөйрөсү». Фото сүрөттөрдү колдонгула жана кошумча сүрөттөрдү тарткыла.

*Текстти окуп чыккыла:* Ысык-Көл облусундагы жаныбарлар дүйнөсү көп түрдүү. Бул жакта карышкырлар, аюулар, түлкүлөр, эчкилер, коёндор, түрдүү канаттуулар, чымын-чиркейлер ж.б. жашашат. Тоо башында сулуу жана көрктүү жырткычтар - ак илбирстер жашайт. Ак илбирстер – мыкты аңчылар, алар тоо башында жашаган текелерге аңчылыкка чыгышат.

Ак илбирс Бишкек шаарынын символу болуп саналат.

**2-тапшырма.** Презентация даярдагыла жана бүткүл класска айтып бергиле.

*Мугалим үчүн маалымат.* Презентацияны жана класстерди класста жалпы талкууга алгыла.

1. Жаныбарларга жана жырткычтарга жашоо үчүн эмне керек? Өз ара байланыш менен өз ара аракеттери кандайча жүрөт?
2. Ак илбирстин айлана-чөйрө менен болгон байланышы кандай? Бул байланыштар эмне себептен маанилүү?
3. Кайсы объектилер менен эки тараптуу стрелкаларды жүргүздүңөр? Илбирстин өмүрү кимден жана эмнеден көз каранды?
4. Илбирстердин айланасынан текелер жоголуп кетсе, алар эмне болушат?
5. Илбирсти сактап калууга ким жардам берет жана ага ким зыян келтире алат?
6. Биотүрдүүлүктү сактоо жөнүндө Кыргызстан кантип кам көрөт жана жаратылышты кантип коргойт?
7. Кызыл Китеп деген эмне? Айрым жаныбарларды, жырткычтарды, канаттуулар менен өсүмдүктөрдү эмне себептен Кызыл китептин титзмесине киргизишет?

*Коллаждын үлгүсү:* Ак илбирс жана аны курчагандар



### 5-тайпа. Өсүмдүктөр дүйнөсү: чычырканак

**1-тапшырма.** Коллаж түзгүлө: «Чычырканак жана анын айлана-чөйрөсү».

Фото сүрөттөрдү колдонгула жана кошумча сүрөт тарткыла.

*Текстти окугула:* Ысык-Көлдүн жана башка ири дарыялардын жээктеринде чычырканактын, камыштын, жапайы карагаттардын бадалы жыш өсүшөт. Алар көлгө келип куюучу дарыялардын сууларын тазалап турушат. Суу алардын тамыр тутуму аркылуу өтүп, тазаланып, анан көлгө куят.

Чычырканак менен кара карагаттын мөмөлөрүнүн курамында көптөгөн витаминдер бар жана алар өтө пайдалуу. Алар канаттууларга жем болушат. Мөмөлөрдү терип жатканда, алардын бутактарын көп учурларда кесип кетишет – бул болсо жаратылышка зыян алып келет, чычырканактардын бутактары суюлуп, мөмө бербей калат.

Тоолордо түбөлүк жашыл дарактар: карагайлар, арчалар өсөт. Алар абаны тазартып турушат. Ал жакта башка дагы көптөгөн өсүмдүктөр өсөт, мисалы, түрдүү гүлдөр жана чөптөр өсүшөт. Өсүмдүктөр абаны тазалап турушат.

**2-тапшырма:** Презентация даярдагыла жана класска айтып бергиле.

*Мугалим үчүн маалымат.* Презентацияны жана класстерди класста жалпы талкууга алгыла.

1. Чычырканактын айлана-чөйрө менен кандай байланышы бар?
2. Чычырканак айлана-чөйрөгө эмне берет жана өзүнө эмнени алат?
3. Чычырканак, камыш менен жапайы карагат көлгө карата кандай роль ойнойт?
4. Ысык-Көлдүн жээгине коооздук берип турган алтын түстүү мөмөнүн - чычырканактын бадалы эмне себептен азайып кетти?
5. Биз чычырканакты, бак-дарактарды жана башка өсүмдүктөрдү жок болуп кетүүдөн кантип сактай алабыз?

*Коллаждын үлгүсү:*



### 4-кадам. Окуучулар менен чогулуп, жалпы коллаж түзгүлө

Ысык-Көл облусу (Ысык-Көл облусунун тургундары үчүн – кичи Мекен).

Ысык-Көл облусунун жалпы коллажы пайда болушу үчүн, окуучулар менен бирге тайпалардын бардыгынын коллаждарын катар илгиле.

Окуучулар менен жалпы коллажды талкуулагыла. Окуучулар дагы эмнелерди кошкусу келген? Кайсы сүрөттөрдү дагы кошуп тартып койсо болот?

### Жыйынтыктар

Окуучулар менен бирге жыйынтык чыгаргыла. Ал үчүн суроо бергиле:

- Биз биригип жаратылышты жана ажайып жайларыбызды кантип сактап кала алабыз?

### Рефлексия

- Сабактан жаңы эмнелерди билдиңер?
- Эмнелер силерди таң калтырды?
- Кызыл Китепке силер дагы эмнелерди киргизет элеңер?

### Мугалимдин жыйынтыктоочу сөзү

Жаратылыштын көп түрдүүлүгү – бул өлкөбүздүн байлыгы. Жаратылыш адамдарга өтө көп нерселерди берет. Жайкысын Ысык-Көлдө эс алуу, ал эми кышкысын тоолорубузда муз тебүү үчүн Кыргызстанга көптөгөн өлкөлөрдөн эс алуучулар келишет. Адамдардын жасаган нерселеринин кесепетинен Жер шарында тирүү организдердин көбү жок болуп кетти. Бул Жер планетасы жана адамдар үчүн орду толгус жоготуу, себеби жок болуп кеткен бул түрлөр кайра эч качан калыбына келбейт. Биз бул жаратылыштын көп түрдүүлүгүн сакташыбыз керек – бул биздин гана өлкөбүздүн эмес, бүткүл Жер шарынын жана адамзаттын баалуулугу. Өлкөбүздөгү биологиялык байлыкты сактоо үчүн Кыргызстандын Кызыл Китеби түзүлгөн.

Биз – биздин өлкөнүн жарандары тилектеш болуп, бардыгыбыз биригип, жаратылышыбыздын ар түрдүүлүгүн сактап калабыз, себеби биз жаратылышыбыз үчүн жооптуубуз.

### Үй тапшырмасы

- Чымын-чиркейлердин кайсы бир түрү менен коллаж түзгүлө. Анын айлана чөйрө менен байланышын көрсөткүлө.
- Сүрөттү класска алып келип, айтып бергиле.

*Мугалимге:* Коллаж үчүн тапшырманы конкреттештирүүгө болот: Көпөлөк, коңуз, ийнелик, аары, кумурска ж.б. Кийинки сабакта класс менен биргеликте «Ысык-Көл облусунун чымын-чиркейлери жана алардын айлана-чөйрөсү» деген жалпы коллаж түзгүлө.

## ТИРКЕМЕ

## Мугалимдин презентациясы үчүн материалдар

1-тиркеме.

«Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби ак кырбууланган көк түстөгү тегеректин ортосундагы канатын жайган ак шумкардын сүрөтүнөн, көлдүн нары жагында жайгашкан Ала-Too тоо кыркаларынан жана алтын нурун чачыратып чыгып келе жаткан күндөн, тегеректин эки капталынан орун алган пахтанын жана буудайдын сабындагы башынын сүрөтүнөн, тегеректин жогорку бөлүгүндө орун алган «Кыргыз» жана тегеректин төмөнкү бөлүгүнөн орун алган «Республикасы» деген жазуудан турат».[6]

2-тиркеме.

### Ысык-Көл облусу

Облустун курамында 5 район (Ак-Суу, Жети-Өгүз, Тон, Түп, Ысык-Көл), 3 шаар (Балыкчи, Каракол, Чолпон-Ата) бар[7].

Облустун башкы шаары – Каракол 1869-жылы Ак-Суу чебинин ордуна курулган. Узак убакыттар бою бул шаар орустун улуу саякатчысы, Борбордук Азияны изилдөөчү Н.М. Пржевальскинин наамында болгон.

**Ажайып коз жерлери.** Ысык-Көл облусунда тарыхый ажайып кызыктуу жайлар өтө көп. Каракол шаарында православдардын көз жоосун алган «Ыйык үчилтик» храмы бар. Ал 150 жыл мурун орус архитектору (1872-жылы) тарабынан курулган. Дагы бир архитектуралык баалуулук катары 1910-жылы дунгандар тарабынан курулган мечит эсептелет, ал 100 жылдан ашык убакыттан бери турат. Мечиттин чатыры кытай архитектурасын элестетип турат жана имараттын өзү бир да мык пайдаланылбастан, жыгачтан курулган.

Ысык-Көлдүн жээгинде Чолпон-Ата шаарында ачык асман алдында Чыңгыз Айтматов атындагы «Рух-Ордо» музейи бар. Ал жакта «Саякбай Каралаевдин отургучу», чакан 10 музей жайгашкан, ал эми кичинекей беш чиркөө дүйнөлүк динди туюнтуп турат.

Тоосунда тоо лыжа базасы жайгашкан, кышкысын туристтер көп келет.

**Ысык-Көл** өтө терең көлдөрдүн бири болгондуктан дүйнө жүзүндөгү эң терең жана таза делген жети көлдүн тизмегине кирет. Ысык-Көлдү кыргыздын деңизи деп аташат. Көлгө 80 дарыя куят, алар – Түп, Жыргалаң, Чоң-Аксу жана башка көптөгөн чакан дарыялар, бирок алардын бири да кайра сыртка агып чыкпайт. Көл жээгиндеги климат – жылуу жана кургак.  Көлдүн суусу көгүш-көк тартып, аны өзгөчө коздукка бөлөп коёт. Ал кышында тоңбойт.

Ысык-Көлдүн абасынын жана суусунун тазалыгы – адам баласынын аракетинин натыйжасы эмес, бул жапайы жаратылыштын «ишинин» натыйжасы. Ысык-Көл – агызбас көл, Ысык-Көл котловинасынын көптөгөн дарыялары ага агып барып түшөт. Көлгө кирлер талаадан (жер семирткичтер, пестициддер, герби-

---

[6] «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символдору жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 17-июлундагы № 91 Мыйзамы, 10-ст.
[7] Фото сүрөттөр жеткиликтүү: https://ru.sputnik.kg/20170713/zhivotnyj-mir-issyk-kulya-1034274978.html

циддер ж.б.), жолдордон (күйүүчү-майлоочу материалдар), калктуу конуштардан жана фермалардан (тиричилик калдыктары, самын-жуучу заттары ж.б.) түшүшү мүмкүн.



Космонавт Алексей Леонов космостон кайткандан кийин Ысык-Көлдүн сулуулугу космостон укмуш көрүнүп турарын жана ал космостон караганда адам баласынын көзүнө окшош формада болорун айтып берген.

**Канаттуулар.** Кыргызстанда канаттуулардын 395 түрү жашайт. Ысык-Көл облусунда көлгө жана дарыяларга жакын жерлерде чардактар, гагаралар, кара куназ (илегилек), кряква, боз өрдөк, турна ж.б сыяктуулар тукумдашат.

**Жаныбарлар менен жырткычтар.** Ысык-Көл облусунун тоолорунда түрдүү жаныбарлар менен жырткычтар: текелер, ак илбирстер, аюлар, түлкүлөр, карышкырлар, коёндор жана башкалар жашашат. Экологдордун баалоосу боюнча, дүйнө жүзүндө бардыгы болуп болжол менен 3,5 миң илбирс бар, алардын болжол менен 500ү Кыргызстанда жашайт. Ошондуктан 1997-жылы ак илбирс жоголуп кетүү коркунучунда турган жаныбарлардын сейрек түрү катары Кыргызстандын «Кызыл китебине» киргизилген. Кызыл китепке киргизилген жаныбарлар, жырткычтар, өсүмдүктөр – мамлекеттин кайтаруусунда турушат. Аларга аңчылыкка чыгууга болбойт, мисалы, илбирсти аткандыгы үчүн Кыргызстанда 1,5 миллион сом өлчөмүндө айып пул салынат.[8]

Ак илбирс Бишкек шаарынын символу болуп саналат.

**Өсүмдүктөр дүйнөсү.** Ысык-Көлдүн жана ири дарыялардын жээктеринде чычырканактар, камыштар жана кара карагаттар жыш өсөт. Суу алардын тамыр тутумунан жана кумду аралап өтүп, тазалап, көлгө куят. Тоолорунда болсо түбөлүк жашыл турган ийне жалбырактуу бак-дарактар: Арчалар, карагайлар, туялар өсөт. Бирок алар бирдиктүү токойду түзүшпөйт, аларды көп учурларда кыя бергендиктен, алар участоктор боюнча гана сейрек жайгашкан. Ысык-Көлдүн жана ири дарыялардын жээгинде чычырканактын жана кара карагаттын, камыштын бадалдары өсөт. Суу алардын жана кумдун тамырынан өтүп, тазаланып барып куят. Көлгө кирлер талаадан (жер семирткичтер, пестициддер, гербициддер ж.б.), жолдордон (күйүүчү-майлоочу материалдар), калктуу конуштардан жана фермалардан (тиричилик калдыктары, кир жуучу заттары ж.б.) түшүшү мүмкүн.

[8] Жеткиликтүү: https://today.kg/news/258358/

Арчалуу токой өскөн жерлерде, тоодон аккан суулар топуракты жеп кетпейт, себеби арчалардын тамырлары кыртышты чыңдап кармап турат. Арчанын бардык түрү аны менен ири аралыктагы курчап турган абаны тазалап, бактерияларды, микробдорду, көк баскан грибокторду жана жөнөкөй эле микроорганизмдерди өлтүрүүчү учуучу заттарды – эфир майларын жана фитонциддерди бөлүп чыгара тургандыгын окумуштуулар далилдешкен. Мындай аба адам үчүн өтө пайдалуу. Бул жакта дарылык касиети бар көптөгөн чөптөр өсөт.

Ысык-Көлдүн абасынын жана суусунун тазалыгы – адам баласынын аракетинин натыйжасы эмес, бул жапайы жаратылыштын «ишинин» натыйжасы. Ысык-Көл – агызбас көл, Ысык-Көл котловинасынын көптөгөн дарыялары ага агып барып түшөт. Көлгө кирлер талаадан (жер семирткичтер, пестициддер, гербициддер ж.б.), жолдордон (күйүүчү-майлоочу материалдар), калктуу конуштардан жана фермалардан (тиричилик калдыктары, самын-жуучу заттары ж.б.) түшүшү мүмкүн. Мөңгүлөрдөн аккан суу көлдүн жээгине жеткенге чейин узак жолдон, камыштардын жана чычырканактар менен кара карагаттардын тамырлары аркылуу өтүп, тазаланып калат[9].

## КОЛЛАЖДАР ҮЧҮН МАТЕРИАЛДАР

3-тиркеме.

### АЖАЙЫП ЖАЙЛАР



Ыйык Троица Православ чиркөөсү



Мечит



Рух Ордо



Петроглифтер. Таш бетиндеги байыркы жазуулар

[9] Жеткиликтүү: https://www.agro.kg/ru/news/22888/

ЫСЫК-КӨЛ көлү[10]









ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУНУН КАНАТТУУЛАРЫ



Ак-куу
http://birds-kg.narod.ru/gusi/klikun.htm



Бүркүт



Фазан



Чардактар

[10] Жеткиликтүү: https://www.issykkul.biz/na-issyyk-kul6-s-det6mi.aspx



Алгыр куш[11]



Балобан

ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУНДАГЫ ЖАНЫБАРЛАР ЖАНА ЖЫРТКЫЧ АЙБАНДАР





Ак илбирс



Карышкырлар



Текелер

ЧЫМЫН-ЧИРКЕЙЛЕР



[11] Жеткиликтүү: https://nomad-lodge.com/ru/



Колорад конузу



Аары

ӨСҮМДҮКТӨР ДҮЙНӨСҮ



Өрүк



Чычырканак (Облепиха)



Карагайлар



Туя

*Д. Н. Шаршембиева*

# 7 Жазгы майрамдар

*3 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1) Кыргызстандагы түрдүү этностор белгилеп жүргөн майрамдардын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын аташат;

2) баалуулуктар майрамдарда кандайча чагылдырылгандыгын аташат;

3) түрдүү этностордун майрамдарындагы жалпы жана өзгөчө нерселерин аныкташат;

4) коомдогу маданияттардын көп түрдүүлүгүн баалашат.

**Усулдар жана ыкмалар:** мээге чабуул, тайпада иштөө, жекече иштөө.

**Жабдылышы:** сүрөттөр, проектор, видео.

**Негизги түшүнүктөр:** улуттук майрам, үрп-адаттар.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

### 1-кадам. Мугалимдин интерактивдүү билдирүүсү

Ар бир өлкөдө улуттук майрамдар бар. Бул болсо аны бүткүл өлкө майрамдайт дегенди билдирет. **Улуттук майрам** – коом үчүн олуттуу мааниге ээ болгон майрам. Ал күн дем алыш күн болуп саналат, өлкө боюнча майрамдык иш-чаралар өткөрүлөт. Мисалы – Кыргызстандын Эгемендик күнү. Эл аралык майрамдар бар – 8 март, Жаңы жыл жана башка.

- Майрамдарды биз кантип тособуз? (конокко тамак-аш даярдайбыз, кооз кийимдерибизди киебиз, атайын тамак даярдайбыз).

*Мугалим Нооруздун сүрөтүн көрсөтүп, окуучуларга суроо берет:*

- Сүрөттөн эмнени көрүп турасыңар? Эмне окуя болуп жатат?
- Элдер эмнеге чогулушту? Кандай кийинип жүрүшөт? Эмне кылып жатышат?
- Кандай ойлойсуңар, бул кайсы майрам?

### 2-кадам. Тайпаларда иштөө

#### 1-тайпа. Нооруз

**1-тапшырма.** Текстти окуп чыгып, суроолорго жооп бегиле.

Нооруз майрамы дүйнөдөгү көптөгөн өлкөлөрдө майрамдала турган байыркы майрамдардын бири. Бул майрамды ар кайсы өлкөдө ар түрдүүчө: Навруз,

Новруз, Нооруз, Невруз деп аташат. Нооруз сөзү «жаңы күн» дегенди туюнтат – перс тилинен которгондо «но» - жаңы, ал эми «руз» - күн» дегенди билдирет. Ар жылы 21-мартта Нооруз майрамы майрамдалат, бул дата Жаздын биринчи күнү болуп саналат, мурда дал ушу күнү Жаңы жыл башталган. Бул майрамды биздин өлкөдө байыртан эле кыргыздар, өзбектер, тажиктер, дунгандар, уйгурлар, азербайжандар, түрктөр жана башка элдер белгилеп келишкен. Бул күнү улуу-кичүү бири-бирин куттукташат.

Ноорузду токчулуктун, тынчтыктын жана адамдар ортосундагы достуктун майрамы деп аташат. Биздин өлкөдөгү башка этностор тилектештигин көрсөтүшүп, Ноорузду бирге майрамдашат. Нооруз майрамына кооз кийимдерин кийишип, атайын тамак – сүмөлөк жана меймандар үчүн башка тамактарды жасашат, майрамдык иш-чара уюштурушуп, бири-бирине конокко барышат.

*Суроолорго жооп бергиле:*

- Нооруз майрамы эмне себептен бизге маанилүү?
- Биздин өлкөдө Ноорузду кайсы этностор майрамдашат?
- Ноорузду эмне себептен токчулуктун жана тынчтыктын майрамы дешет?

**2-тапшырма.** Ноорузддун – жазгы майрамдын сүрөтүн таркыла.

**Презентация даярдагыла.** Өзүңөр тарткан сүрөт боюнча класска Нооруз жөнүндө айтып бергиле.

### 2-тайпа. Масленица

**1-тапшырма.** Текстти окуп чыгып, суроолорго жооп бергиле.

Масленица – бул орустар, белорустар, украиндер жана мордвалар жана түрдүү өлкөлөрдө дагы башка элдер белгилеген көңүлдүү майрам. Бул майрамды ар түрдүү аташат, мисалы, орустар Масленица, белорустар – Масленка дешет. Эң негизгиси, бардыгында майрамдын маңызы бир эле – Кышты узатып, Жазды тосушат. Масленицада костер жагып, жыгачтан жасалма жандыкты (чучело) өрттөшөт, костердун үстүнөн секиришет, карнавал уюштурушуп, ырдашат. Аталышына карабай – бул көп күттүргөн жазды тосуу майрамы болуп эсептелет, андыктан бул майрамга тегерек, күнгө окшош блиндерди, куймактарды же пончиктерди, калачтарды жасашат.

**2-тапшырма.** Ырды класстан көркөм окугула:

«Куймактар бышып, үйүлүп
Самоор үнү такылдайт
Күткөндөрдү шаштырып
Масленица жакындайт.

От жагабыз чартылдатып
Аны айланып туралы
Кышты узатып, достор менен
Жазды тосуп чыгалы!

«Пахнет свежими блинами,
Важно самовар гудит,
Семимильными шагами
Масленица к нам спешит.

Закружимся в хороводе,
Пригласим друзей к костру,
Зиму лютую проводим –
Встретим теплую Весну!

| | |
|---|---|
| Күн чайыттай тийип турсун | Пусть же солнышко сияет, |
| Улуу-кичүү үмүткөр, | Ликовал чтоб стар и млад. |
| Бири-бирин куттукташсын | Пусть друг друга поздравляют |
| Масленица күткөндөр! | Все, кто Масленице рад»![12] |

*Суролорду талкуулагыла:*

- Бул ырда Масленицаны майрамдоодо орустун кайсы салттары сүрөттөлгөн?
- Майрам кайсы окуя менен байланышат?
- Масленицаны кайсы элдер майрамдашат? Масленицага негизги кайсы тамакты жасашат? Ал эмнени туюнтат?

**3-тапшырма.** Масленицанын сүрөтүн тарткыла.

### 3-тайпа. Сабантуй

**1-тапшырма.** Текстти окуп чыккыла. Суроолорго жооп бергиле

Сабантуй майрамы татар, башкыр, балкар жана удмурт элинин улуттук майрамы болуп саналат. Майрамдын аталышы түрктүн: «сабан» – соко жана «туй» – майрам деген сөздөрүнөн келип чыгат. Сабантуйду талаа иштери аяктап бара жатканда майрамдашат: буудай эгишип, жашылча жемиштерди отургузушат. Бул көңүлдүү майрам балдарга да, чоңдорго да жагып, түрдүү улуттардын өкүлдөрү үчүн эшиги ачык болот. Балдар оюндарга катышып, элдик жомокторду, окуяларды угушат. Бул майрамды салттуу улуттук тамак-аштар: чак-чак, беляш, учпучмак жана башка тамактарды жасап тосушат.

Биздин өлкөдө бул майрамды татарлар менен башкырлар белгилешет, кыргыздар, орустар жана башкалар дагы катышышат. Мисалы, Бишкек шаарында ар жылы Каражыгач токоюнда Сабантуй өткөрүшөт. Келип, капты кийип чуркоо, таңылган буттары менен жупташып чуркоо, аркан тартуу жана башка сыяктуу тамашалуу мелдештерге катышууга болот.

*Суроолорду талкуулагыла:*

- «Сабантуй» деген сөз эмнени туюнтат?
- Майрамда кандай мелдештер өткөрүлөт?
- Майрамга кандай атайын тамактар даярдалат?

**2-тапшырма.** Сабантуй майрамы жөнүндө бүткүл класска айтып бергиле. Чакан карта түзгүлө (сүрөттөр менен схема); сүрөттөрдүн жардамы менен презентация даярдоого болот.

### 4-тайпа. Чуньцзе – Кытайдагы Жаз майрамы

**1-тапшырма.** Текстти окуп чыгып, суроолорго жооп бергиле:

Кытайдын жаңы жылы – жаздын башталышын туюнтат. Кытайдын айлуу жылынын биринчи күнү жаз Майрамы деп аталат. Бул Кытайдагы эң эле салта-

[12] Жеткиликтүү: https://yadrin.cap.ru/press-centr/2021/03/09/maslenica-starinnij-russkij-narodnij-prazdnik

наттуу салттуу майрам. Аны кытайлар гана эмес, кытай маданиятына жакын болгон башка көптөгөн этностор да майрамдашат.

Чуньцзе – бул биримдиктин, гүлдөп-өсүүнүн, бакубатчылыктын жана келечекке жаңы үмүттөрдүн символу. Жазууларга таянсак, кытай эли Жаз Майрамын 4000 жылдан ашык убакыттан бери майрамдап келе жатат. Жаз майрамы – Кытайдагы негизги салттуу төрт фестивалдын бири.

Майрам алдында үйдү кенен тазалоо жүрүп, бардык эски жана керексиз нерселер ыргытылат. Шаарлардын көчөлөрүндө майрамдар уюштурулуп, түнкүсүн фейерверктер атылат.

Бул майрамды үй-бүлө менен чогуу тосушат. Үйлөрүн жана көчөлөрдү кызыл фонарлар жана гирлянддар менен кооздошот. Үйлөрүндө майрамдык дасторкон жайышып, мандарин менен апельсиндерди коюшат, бул азыктар бакубатчылыкты жана байгерликти билдирет. Бардыгы кийимдерин кийип алышып, бири-бирине кызыл баштыктагы белектерди тартуулашат, каалоо тилектерин айтышат.

**2-тапшырма.** Талкуулоо үчүн суроолор:

- Жаз майрамынын алдында үйлөрүн кантип тазалашат?
- Шаарларды жана айылдарды кантип кооздошот? Өз үйлөрүн кандай кооздошот?
- Жаз майрамын тургундар кандай майрамдашат? Кандай кийимдерди кийишет?
- Чуньцзе майрамын кандай аташат?

**3-тапшырма.** Кытайдагы Жаз майрамынын – айлуу календар боюнча Жаңы жылдын сүрөтүн тарткыла.

- Тарткан сүрөтүңөр боюнча презентация даярдагыла.

**3-кадам. Жалпы талкуулоо:**

1. Жазгы майрамдар (Нооруз, Масленица, Сабантуй, Чуньцзе) силерге эмнеси менен жагат?
2. Эмне себептен бул майрамдарды жазында белгилешет?
3. Бул майрамдардын ортосунда кандай жалпылык бар?
4. Майрамдар эмне себептен адамдар үчүн маанилүү?

**4-кадам.** Класс менен бирге (мээге чабуул усулу менен) Венна Диаграммасын толтургула: Нооруз – Масленица – Сабантуй – Чунцзе. Төмөнкү пункттарды чагылдыргыла:

*Майрамдар эмнеси менен айырмаланышат?*

- Бул майрамды кайсы элдер белгилешет?
- Бул майрамдарда убакыт жана аба ырайы кандай айырмаланат?
- Бул күнү кандай тамактар жасалат?

*Майрамдар эмнеси менен окшош?*

- Бул майрамдар эмнени туюндурат?
- Бул майрамдарды жылдын кайсы мезгилинде белгилешет?
- Бул майрамдарды кантип белгилешет?
- Бул майрамдардын ортосунда жалпы кандай мүнөздөрү бар?





Диаграмма Жазгы майрамдар.

## Жыйынтыктар

Класс менен бирге жыйынтык чыгаргыла: Жазгы майрамдар жаратылыштын кайра жаралышын символдоштурушат, ошондуктан элдер Жаздын, Тынчтыктын, Бакубатчылыктын, Гүлдөп-өсүүнүн майрамы деп аташат.

## Рефлексия

Сүйлөмдү жазуу түрүндө улант: Майрам келет - …

## Үй тапшырмасы

1) Өзүңөр жакшы көргөн майрамды тандагыла. Ал жөнүндө айтып бергиле.

- Аны ким менен майрамдайсыңар?
- Силердин үй-бүлөдө бул күнү кайсы тамак даярдалат?
- Бул майрамды силер кантип белгилейсиңер?
- Бул майрам силерге эмне себептен жагат?

2) Майрам жөнүндө таблицаны толтургула:

| Майрамдын аталышы | Аны кантип майрамдашат? | Адамдар аны эмне себептен ойлопт абышкан? | Бул майрам эмне себептен маанилүү? |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |

## МУГАЛИМ ҮЧҮН МААЛЫМАТ

### Мугалимдин презентациясы үчүн:



Масленица майрамы



Масленицага блиндер



Нооруз майрамы



Сабантуй майрамы. Устун үстүндө каптар менен чабышуу



Кытайдагы Чуньцзе майрамы

«Масленица» видеосун көрүү. Видеону 2.25 мүнөткө чейин көрүү: https://www.youtube.com/watch?v=bqFw1WVJp5M&t=8s

*Ч. А. Аттокурова*

# 8 Кыргызстандагы этникалык каада-салттар жана үрп-адаттар

*3 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1) Кыргызстанда жашаган түрдүү этносторду санап беришет, ал этностордун салттары жана үрп-адаттары жөнүндө айтып беришет.

2) Үрп-адаттар, каада-салттар жөнүндө маалымат чогултушат; жаныбызда этностук түрдүү топтор жашарын, бирок бардыгыбыз бирдей экенибизди, кыргызстан бардык жарандардын мекени экендигин түшүндүрүшөт, маданий окшоштуктарды жана айырмачылыктары салыштырып беришет.

3) Түрдүү аданияттарга болгон сый-урматты көрсөтүшөт.

**Усулдар жана ыкмалар:** Мээге чабуул, маалыматтарды топтоо, талдоо жүргүзүү, түшүндүрүү, тайпада иштөө.

**Каражаттар:** окуу китептери, кошумча окуу материалдары, макал-лакаптар, слайддар, флипчарттар, фломастерлер.

*Мугалим үчүн маалымат:* өз үйүндөгү, коңшуларындагы жана башка этностордогу каада-салттар, үрп-адаттар жөнүндө маалымат топтоо тапшырмасын окуучуларга алдын ала бергиле.

**1. Теманы актуалдаштыруу**

Окуучуларга суроолорду бергиле

- Кандай макалдарды билесиңер?
- Үй-бүлөңөрдө кандай майрамдарды белгилейсиңер?
- Меймандарды кантип тососуңар?

**2. Кандай ойлойсуңар, бүгүнкү сабагыбыздын темасы кандай болот?**

**3. Жаңы билимдерди өздөштүрүү. Мугалимдин интерактивдүү дарсы.**

Мугалим сабактын жаңы темасын түшүндүрөт. Каада-салттар, үрп-адаттар деген эмне экенин түшүндүрөт. Кыргызстандагы этникалык көп түрдүүлүк жөнүндө слайддардан көрсөтөт жана алардын каада-салттары жана үрп-адаттары жөнүндө айтып берет. Кайсы болбосун элдин маданияты адам баласынын жашоосундагы маанилүү окуялар менен байланышкан майрамдык каада-салттарда жана үрп-адаттарда: бала төрөлгөндө, биринчи кадам аттаганда, үйлөнгөндө, үлпөт тойдо жана башка ушул сыяктуу учурларда ачык көрүнөт.

*Мугалим үчүн сунуштамалар:*

- Тайпада иштөөнү аткарууда класстагы окуучулардын этникалык курамын эске алгыла жана ошого жараша тапшырманы алмаштырууга болот, Кыргызстанда жашаган башка этностордон деле алууга болот.

- Окуучуларга ата-энелеринен, кошуналарынан ж.б. макал-лакаптарды, каада-салттарды жана үрп-адаттарды билип келүүсүнө тапшырманы алдын ала берип койгула. Чогултулган материалды чакан тайпанын ишине кошууга болот. Малыматты топтоо өзүнчө бааланат.

**4. Практика. Сабактын темасын бышыктоо**

*Мугалим үчүн маалымат:*

- 5-6 адамдан турган төрт тайпа түзгүлө.
- Тексттери бар карточкаларды тараткыла. Тапшырманы аткарууда окуучулар бул алган текстти жана өздөрүнүн маалыматтарын пайдаланышарын түшүндүргүлө.
- Презентация даярдоо. Окуучулар презентацияны флипчартта жазуу жүзүндө, сүрөттөр менен даярдай аларын жана бүткүл класска айтып берерин түшүндүргүлө.
- Ар бир тайпанын презентациясын уккула. Тайпага суроо бергиле жана балдардын суроо беришине түрткү кылгыла.

### 1-тайпа. Баланын биринчи кадамдары: кыргыздын тушоо кесүү салты

Кыргыздар бала биринчи кадам аттаганда эле, сөзсүз түрдө тушоо кесүү салтын өткөрүшөт. Элдик ишенимге таянсак, тушоосу кесилбеген бала чалынып, жыгыла берет.

Кыргыздардын салтында баланын тушоосун кесээрде, койдун ак жана кара жүнүнөн эшилген шоона менен анын бутун байлап, жерге коюп, ата-энеси эки тарабынан эки колунан кармап турушат. Баланын бет маңдай тарабынан 8-12 жаш курактагы балдар команда боюнча нaристени карай чуркашат. Нaристеге биринчи чуркап жеткен бала тушоону кесип, үй ээжлери даярдап койгон байгени алат. Бул чуркоого катышкан калган балдардын бардыгына белектерди таратышат. Уулдун тушоосун бычак менен, ал эми кыздыкын – кайчы менен кесишет. Негизинен бул тойдо балага “өзүңдүн жаның бек болсун, кийимиңдин жаны морт болсун” деп бата берип, жаңы кийим кийгизишет. Тушоосу кесилген соң “жолуң шыдыр, жолдошуң Кыдыр болсун” деп бата тилешет.

### 2-тайпа. Баланы бешикке салуу: өзбектердин салты

Баланын таятасы менен таэнеси балага бешик, кудаларына белек даярдайт да, сурнайлардын жана барабандардын коштоосунда жаңы төрөлгөн баланын ата-энесинин үйүнө келишет. Алып келген бешикти баланын таятасы алгач өз ийнине салып, баланын атасынын ийнине өткөрүп берет да, андан соң гана баланын энесине берет. Үй ээлери бардыгын меймандар үчүн бөлмөдө даярдалган дасторконго чакырат.

Башка бөлмөдө карыялардын катышуусунда баланы ороп, бешикке салуу ырым-жырымы өткөрүлөт. Ырым аяктаган соң, коноктор белектерин тапшырышып, бешиктеги баланы көрүшөт.

### 3-тайпа: Баланын төрөлүшү: уйгурлардын салты

Баланын төрөлүшү – бул ар бир үйдөгү маанилүү окуя. Уйгурлардын салты боюнча бала төрөлгөндөн 12 күндөн кийин ага ат коюшат – ал үчүн атасынын туугандарын жана молдону чакырышат. Кырк күнгө чейин ал үйгө белек жана өздөрү даярдаган тамак-аштарын көтөргөн аялдар келип турушат.

Бала төрөлгөндөн кыркынчы күнү баланы киринтүү ырымы – “кирик суйи” өткөрүлөт. Ага катышып отурган аялдар бош мескейге сууну жыгач эки кашык менен куюп жатып, наристеге ак баталарын айтышат. Бул сууну бир аз жылытып туруп, баланы киринтишет, анан карын чачы менен тырмактарын алышат.

### 4 -тайпа: Үйлөнүү үлпөтү: дунгандардын салты[13]

Кыргызстанда жашаган дунгандар эне тилинен сырткары орус тилинде, айрымдары кыргыз тилинде сүйлөшөт. Дунган салттары алардын маданиятын жакшылап билүүгө мүмкүндүк берет. Салты боюнча дунгандын болочок жары үлпөт тойго гүлдүү орнамент сайылган атайын бут кийим даярдашы керек. Бул келечектеги үй-бүлөлүк жолунда гүлдөп өсүү жана бакубатчылыкка жетүү дегенди билдирет. Дунгандар үлпөт тойго өтө жоопкерчилик менен даярданышат. Кызга сеп даярдоо маанилүү. “Ата-энелери кызды узатууда бардык жөрөлгөлөрдү жасашып, сеп даярдашат. Ал эми күйөө бала тарап келинге кызыл түстөгү кийим кийгизет. Бардыгы– бут кийими, кийими, көйнөгү төрт жуптан болушу керек. Бул үйдө ар түрдүү таттуулар жасалып, эң негизги тамак Щи – үлпөт тойго эттен, жашылчалардан, нан азыктарынан жана күрүчтөн салттуу дунган тамагы даярдалат. Дунгандар үчүн кызыл түс – майрам күнүнүн белгиси. Жаңы келиндин кийимин коңгуроо менен кооздошот, себеби анын үй жыйнап жаткандагы же тамак даярдап жаткандагы ар бир кыймылы угулуп туруш керек. Мындай салт келиндин келишинин эң биринчи белгиси катары кабыл алынган, бирок кийин бул салт тууралуу унутулуп калган».[14]

Септи даярдоо жаш үй-бүлөнүн талаптарына ылайык жүзөгө ашырылган. Үлпөт тойго бардык туугандар, достор, тааныштар жана кошуналар чакырылат.

### 3-кадам: Макалдарды жана лакаптарды талкуулоо

*Мугалим үчүн маалымат:* Макал-лакаптарды талкуулагыла, алардын маанисин түшүндүргүлө. Талкуулоо үчүн суроолор:

Достук жана жакшы мамилелер, улууларга сый-урмат жөнүндө кандай макал-лакаптарды билесиңер?

- Суусуз дарак көгөрбөйт, доссуз адам жашабайт.
- Бүркүттүн күчү - тырмакта, адамдын күчү - достукта.
- Ат жакшысы алыскы жолдо сыналат, дос жакшысы айыгышкан жоодо сыналат.

[13] Жеткиликтүү: https://musaget.ru/traditsii-dungan-svyaschennye-bashmachki-i-neobychnyy-islam
[14] Жеткиликтүү: https://www.turmush.kg/ru/news:1867237/?from=ru_turmush&place

Окуучулар достук эмне экенин, Кыргызстан жарандарынын биримдигин түшүндүрүп беришет. Окуучулар муну сүрөттөрдүн же ырлардын, макал-лакаптардын жардамы менен туюндуруп бере алышат.

**Окуучулар менен бирге жыйынтык чыгаргыла**

**Рефлексия**

- Бүгүнкү сабактан силер эмне жаңы нерсе билдиңер?
- Түрдүү этностордун маданиятында кайсы окшоштуктарды атай аласыңар?
- Сабакта өзүңөрдү кандай сездиңер? Смайликке чымчыкча койгула.

|  |  |  |
|---|---|---|
| | | |



*Ч. А. Аттокурова*

# 9 Экологиялык тең салмактуулук

*4 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар:** *Окуучулар:*

1) Экологиялык көйгөйлөрдү сүрөттөшөт.

2) Химикаттардын айлана-чөйрөгө терс таасирин аныкташат.

3) Айлана-чөйрөнү булгоонун күчүн баалашат жана аны жакшыртуу үчүн мүмкүн болуучу аракеттерге баа беришет.

**Усулдар жана ыкмалар:** Улам токтоп окуу, мээге чабуул, карта боюнча иштөө, талкуулоо, жуптарда иштөө, көркөм сүрөт иши.

**Жабдуу:** фотосүрөттөр, сүрөттөр, окуу материалдары, көрүү материалдары, флипчарттар, фломастерлер.

## САБАКТЫН ПЛАНЫ

1. Теманы актуалдаштыруу
2. Жаңы теманы үйрөнүү
3. Теманы бышыктоо
4. Корутундулар
5. Рефлексия

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

### Теманы актуалдаштыруу:

- Бак-дарактардын биздин жашоого тийгизген таасири кандай?
- Биздин жердеги же өлкөбүздөгү экологиянын кайсы көйгөйүн атай аласыңар?
- Кандай ойлойсуңар, бүгүнкү сабагыбыздын темасы кандай болот?

**Мугалимдин кириш сөзү** (3 – 5 мүнөт)

- Карта боюнча иштөө: Кыргызстандын облустарын атагыла.
- Жалал-Абад облусу кайда жайгашканын картадан көрсөткүлө.
- Облустук шаар кандай аталат?

### Карта боюнча иштөө

- Текстти улам токтоп окуу.
- Усул тексттин фрагменттерин окуп, токтогон учурларда суроолорду талкуулоодо турат.

### Теманы бышыктоо

**1-кадам. Мугалим “Арсланбабдагы жаңгак токоюна кантип жардам берүү керек?” деген текстти окуйт.**

1) Арсланбаб – бул дүйнө жүзүндөгү эң чоң жаңгак токою, ал Кыргызстандын Жалал-Абад облусунун тоолорунда жайгашкан. Арсланбаб деген сөздү которгондо, токойлордун падышасы дегенди туюнтат. Бул байыркы доордо пайда болгон табигый токой. Арсланбаб жаңгак токоюнун жаралышы тууралуу көптөгөн уламыштар жашап келет. Ал уламыштардын бири боюнча, биздин доорго чейинки III кылымда Александр Македонский өз аскерлерин ушул жерлерге алып келген экен, Грецияга кайра кайтып кете турган маал болгондо, ал жергиликтүү токойлордон жемиштер менен жаңгактардан ала кеткен экен. Ошентип Арсланбабдын жаңгактары Грецияга барып түшүптүр, ал эми кийинчерээк бүткүл дүйнө жүзүнө тарап, “грек” жаңгагы деген аталыш менен таанымал болуп калыптыр.



Сүрөт Арсланбаб

**1-токтомо. Суроолорду талкуулагыла:**

- Арсланбабдын жаңгак токойлорунун уникалдуулугу эмнеде?
- Жаңгактын грек жаңгагы деп аталышы уламышта кандай түшүндүрүлөт?

2) Ачыз Арслабаб мамлекеттик корук болуп саналат, тактап айтканда, мамлекеттин коргоосунда турат. Арсланбаб токойлорундагы эң башкы бак – бул грек жаңгагы. Жаңгак бактарынын айрымдары жүздөгөн жылдардан бери өсүп келе жатат. Грек жаңгагынан сырткары бул жерде долоно, алча, фисташка, бадам, алма, алмурут, вишня, мажүрүм тал, кайың жана башка көптөгөн бак-дарактар менен бадалдар өсүшөт. Жаңгактар жергиликтүү калктын киреше булагы болуп саналат – жаңгак чогултуу менен алар жашоо турмушуна каражат табышат.

**2-токтомо. Суроолорду талкуулагыла:**

- Арсланбабдын уникалдуулугу эмнеде?
- Жаңгак токоюн мамлекет кантип коргоп жатат?
- Арсланбаб жаңгак токою бизге эмне берет?
- Жаңгактар адамдын ден соолугуна кандай пайда алып келет?

3) Бирок, жаңгак токоюна  коркунуч жараткан экологиялык көйгөйлөр пайда болду. Жаңгактарды чогултуп жаткан учурда, жаңгактын жаш көчөттөрүнүн бутактарын сындырып кетишет.

Андан сырткары, токойго ири малдарды жана эчкилерди жайышат. Алар чөп-чарды тебелеп, жаңы чыгып келе жаткан бутактарды жеп салышат, майда көчөттөрдү сындырышат. Мал жайган жерде чөптөр да, бак-дарактар да өспөй калды. Жаңгак дарагы өтө жай өсөт, 10 жылдан кийин гана мөмө бере баштайт. Адамдар эмерек жасоо үчүн же отун катары алууга жаңгак дарактарын кыйып кетишет.

**3-токтомо. Суроолорду талкуулагыла:**

- Арсланбабдын жаңгак токойлору кандай көйгөйлөргө кабылып жатат ?
- Жаңгак токоюна кандай зыян келтирилип жатат?
- Кандай ойлойсуңар, жаңгак токойлорун сактап калуу үчүн эмне кылууга болот жана эмне кылуу керек?
- Адамдар малын каякка жайышы керек?
- Арсланбаб үчүн биз эмне кыла алабыз?

**2-кадам. Жуптарда иштөө:**

**Тапшырма:** Жаңгак токоюнун сүрөтүн таркыла да, кластер түзгүлө:

Жаңгак багы жана анын байланыштары.

Жаңгак багынын айлана-чөйрө менен байланышын жазгыла же сүрөтүн таркыла.

- Жаңгак багы айлана-чөйрөгө эмне берет жана андан эмне алат?
- Стрелкалардын багытын көрсөт жана ал байланыштардын маңызын түшүндүр.



**3-кадам. Презентация өткөрүү жана кластерлерди талкуулоо.**

**4-кадам. Окуучулар менен бирге Арсланбабдагы жаңгак токойлорунун көйгөйлөрүнүн тизмегин түзгүлө. Суроолорду бергиле:**

- Бул көйгөйлөрдү кантип чечүү керек?
- Токойго жардам берүү үчүн эмне кылуу зарыл? Тактага таблица тартып, окуучулар менен чогуу толтургула.

*Таблицаны толтуруунун үлгүсү: Токойлордун көйгөйлөрү жана аларды чечүү*

| № | Жаңгак токоюнун көйгөй-лөрү | Көйгөйлөрдү чечүү |
|---|---|---|
| 1 | Чөптөрдү тебелөө жана жаш көчөттөрдү жок кылуу | Малды токойго жаюуга тыюу салуу;<br>таблицадагы жазууларды орнотуу;<br>Контролдоо;<br>айып пул салуу; тургундарга жыйналыш өтүп, токойдун көйгөйлөрүн талкуулоо |
| 2 | Токойдогу бактарды кыюу | Токойдо бактарды кыюуга тыюу салуу.<br>Айып пул төлөтүү |
| 3 | Түшүм жыйнап жаткан учурда, бактарды сындыруу | Тургундарга сак болуусун жана бактар-ды сындырбоосун өтүнүү |

*Мугалимдин корутунду сөзү:*

Арсланбабда жаңгак токойлору үчүн чоң көйгөй – бул малдын күн сайын ал жакта жайылышы, жаңгактарды жана жапайы мөмөлөрдү терип жатканда бактардын сындырылышы – ушулардын бардыгы Арсланбабдын жаңгак токойлорунун абалына терс таасирин тийгизет. Жаңгак токойлору – биздин өлкөнүн баалуулугу экендигин, биз өзүбүздүн уникалдуу токойлорубузду сактоого милдеттүү экенибизди бардыгыбыз түшүнүшүбүз керек. Арсланбабдын жаңгак токойлору бизге жаңгактарды берип, кычкылтек иштеп чыгарышат, эс алуу жайы болуп берет. Бул жакта канаттуулар, жаныбарлар, чымын-чиркейлер, көпөлөктөр жана башкалар жашашат. Бул уникалдуу жаңгак токою биздин жардамга муктаж болуп турат!

Биз – Кыргызстандын жарандары, Кыргыз жараныбыз жана өзүбүздүн жаратылышыбыз үчүн жооптуубуз.

### Жыйынтыктар

Толтурулган таблицанын негизинде окуучулар менен чогуу тыянак чыгаргыла.

### Рефлексия

- Бүгүн сабактан эмне жаңы нерсени билдиңер?
- Жаратылыштын сакталышына биздин жоопкерчилик кандай?
- Силер сабакта өзүңөрдү кандай сездиңер? Смайликке чымчыкча койгула.

|  |  |  |
| --- | --- | --- |
| | | |

**Үй тапшырмасы.** Үй-бүлөңөрдө ата-энеңер менен: Арсланбабдын токойлорун сактап калуу үчүн биз эмне кылышыбыз керек? деген суроону талкуулагыла.

## ТИРКЕМЕ

*Мугалимдин презентациясы үчүн маалымат*[15]



Жаңгак багы. Арсланбаб





Арсланбаб жаңгак токоюнда малды мыйзамсыз жаюу



Жаңгак токоюнда мыйзамсыз кыюу

[15] Жеткиликтүү: https://ecostan.kg/ischezayuschiy-kyrgyzstan/4-ischezayuschiy-kyrgyzstan-proschay-arslanbob.html

*Д. Н. Шаршембиева*

# 10 Дүйнө жүзү Кыргызстан тууралуу кантип билишет?

*4 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1) Кыргызстандын баалуулуктарын аныкташат;

2) заманбап Кыргызстандын дүйнөлүк маданиятка кошкон салымын сүрөттөшөт;

3) маданияттын баалуулуктарын сактоонун маанилүүлүгүн аныкташат.

**Усулдар жана ыкмалар:** мээге чабуул, тайпада иштөө, жекече иштөө.

**Жабдылышы:** сүрөттөр, проектор, видео,

**Негизги түшүнүктөр:** баалуулуктар, символ.

**Символ –** кайсы бир түшүнүктүн, кубулуштун шарттуу белгиси. Мисалы, мамлекеттик символдор (герб, желек, гимн).

**Баалуулуктар –** бул коомдун этникалык жана маданий көп түрдүүлүгү, жаратылыш, маданий объектилери, адам үчүн зор мааниге ээ болгон мамилелер.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

### 1-тапшырма. Карта менен иштөө




Тапшырмалар жана суроолор:

- Өлкөбүздүн борборун көрсөткүлө.
- Өлкөбүздө канча облус бар жана алар кандай аталат?

- Биздин өлкөнү эмне өзгөчө көрсөтүп турат? (Жер, адамдар, тилдер, климат, жаратылыш, маданият, спорт). Жообуңарга сүрөттү тандагыла

## 2-тапшырма. Текст менен иштөө

Кыргызстан жөнүндө текстти окугула. Бизге, Кыргызстандын жарандарына эмне баалуу экендигин аныктагыла. Тексттеги маанилүү сөздөрдүн астын сызгыла. «Биз үчүн эмне баалуу болуп саналат?» деген кластер түзгүлө.

Болжолдуу жооптор: Ата Мекен, КР Конституциясы, көп түрдүүлүк, биримдик, теңдик, Кыргыз жараны, макулдук, үрп-адат, салттар, жоопкерчилик, катышуу.

**Көп түрдүүлүк – Кыргызстандын баалуулугу**

Биздин өлкөдө 80ден ашык улуттун өкүлдөрү: кыргыздар, өзбектер, дунгандар, уйгурлар, түрк курддар, корейлер, чечендер, карачайлар жана башкалар жашашат. Алар өздөрүнүн эне тилин сакташып, өз каада салттары менен үрп-адаттарын, түрдүү тамактарын колдонушат. Биз ар түрдүүбүз – бирок – бирдиктүүбүз! Өлкөнүн башкы мыйзамында – Кыргыз Республикасынын Конституциясында: «Кыргызстан эли Кыргыз Республикасынын бардык этносторунун жарандарын түзөт» деп жазылган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы улутуна карабай, бардык жарандарга теңдикти, адам укугун коргоону, эне тилин жана маданиятын сактоону кепилдейт. Көп түрдүүлүк биздин өлкөнүн баалуулугу болуп саналат.

Бизди сүйүктүү мекенибиз – Кыргызстан бириктирип турат!

## 3-тапшырма.

Чакан тайпаларда иштөө: «Дүйнө жүзү Кыргызтан тууралуу кантип билет?» темасы боюнча. Окуучуларды 5-6 адамдан турган чакан тайпаларга бөлгүлө. Тайпаларга тапшырмаларды жана материалдарды тараткыла.

Тапшырманы түшүндүргүлө: Тайпаларда материалды окугула, маанилүү сөдөрдү карточкаларга жазгыла, ал сөзгө символ тарткыла.

### 1-тайпа. Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюну

**Текстти окугула.** Маанилүү сөздөрдү көчүрүп жазгыла да, аларга символдорду тарткылат.

Кыргызстанда ар бир эки жылда Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндары өткөрүлүп турат, ага бүткүл дүйнө жүзүнөн катышуучулар менен коноктор келишет. Анда ар кайсы өлкөлөр: Казакстан, Өзбекстан, Монголия, Кытай, Россия, Түркмөнстан, Түркия жана Америка Кошмо Штаттары жана башка мамлекеттер катышышат. Мелдештер ат чабыш, бүркүт аңчылыгы, күрөш жана башка ушул сыяктуу түрдүү улуттук оюндар боюнча жүргүзүлөт.

Ат оюндары Көчмөндөр оюндарындагы миңдеген көрүүчүлөрдү тарткан эң эле кызыктуу оюндардын бири болуп саналат. Тогуз коргоол - бул үстөл үстүндөгү оюн, спортчулардын ой жүгүртүү жөндөмүн текшерген оюн. Тайгандардын –иттин кыргыз породасынын катышуусу менен көрсөтмөлүк аң уулоого чыгуу да өтө кызыктуу өтөт. Бул иттер табиятынан аңчы келишип, чыдамкай, шайдоот жана күчтүү болушат.

Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюнуна келген туристер Кыргызстандын маданияты, тарыхы менен таанышышат. "Көчмөндөр оюну" фестивалы эч кимди кайдыгер калтырбайт. Туристтер түрдүү сувенирлерди жана колго жасалган буюмдарды сатып алышат. Бу жакта ар бир конок элибиздин меймандостугун сезип, улуттук ашкананын даамдуу тамактарынан ооз тийишет.

*Суроолорду талкуулагыла:*

- Көчмөндөр оюндарына кайсы өлкөлөр катышышат?
- Көчмөндөр оюндары Кыргызстан үчүн эмне себептен маанилүү?

Презентация даярдап, класстан айтып бергиле.

## 2-тайпа. Кыргыз маданиятынын элементтери менен мода

**Текстти окугула.** Маанилүү сөздөрдү жазып алып, аларга символдорду тарткыла.

Дильбар Ашимбаева – кийимдердин дизайнери. Ал Кыргызстанда белгилүү болгон Мода үйүнүн директору. Дильбар улуттук костюмдун дизайнын, түсүн, саймасы менен кооздуктарын ойлоп таап, сапаттуу жана модалуу кылып, кайра жаратты. Кыргыздын ар бир орнаментин тарых катары окусак болот: ал жергиликтүү тургундар, мергенчилик, жаныбарлар, жаратылыш жөнүндө маалымат берет.

Дильбар кыргыз элдик костюмунун тарыхын окуп үйрөнгөн. Ошондой эле башка элдердин маданиятын дагы үйрөнүп, түрдүү өлкөлөрдүн: кытай жана индия жибегинин кездемелери менен иштейт. Ал өзүнүн кооз кийимдерин түрк, азия, марокко, япон маданиятына арнайт.

*Суроолорду талкуулагыла:*

- Дильбардын улуттук костюмдары эмне сбептен мода болуп калды?
- Дильбардын кийимдеринде дагы кайсы маданият чагылдырылган?

Презентация даярдап, класстан айтып бергиле.

## 3-тайпа. Ысык-Көлдө эс алуу

**Текстти окугула.** Маанилүү сөздөрдү жазып алып, аларга символдорду тарткыла.

Ысык-Көл түрдүү өлкөлөрдүн туристтери үчүн белгилүү жер болуп саналат. Ысык-Көлгө 80ге жакын тоо суулары агып келип кошулуп, бири дагы суу андан сыртка агып чыкпайт. Көл минералдык бардык заттарды өзүнө топтоп алып турат, кышкысын тоңбойт. Көз жоосун алган көлдүн айланасында кар баскан тоолор менен ийне жалбырактуу токойлор курчап турат. Дарылоочу таза абасы ден соолукка пайдалуу. Ысык-Көл жана аны курчап турган тоолор ызы-чуулуу шаарлардан алыс эс алууну каалаган ар түрдүү өлкөлөрдөн туристтерди тартып турат.

*Суроону талкуулагыла:*

- Ысык-Көлдүн өзгөчөлүгү эмнеде?

Презентация даярдап, класста айтып бергиле.

### 4-тайпа. Улуттук суусундуктар

**Тапшырма:** Текстти окугула. Маанилүү сөздөрдү жазып алып, аларга символдорду тарткыла.

«Шоро» компаниясы улуттук суусундуктарды: жарманы, максымды, чалапты, бозону даярдайт. Бул суусундуктар сүттөн жана буудай данынан жасалат. Анда витаминдер камтылгандыктан, суусунду кандырат, күч берет. Суусундуктарга Кыргызстанда гана эмес, Казакстанда, Россияда жана Кытайда да суроо-талап жогору.

Жайкысын күн ысыкта чатыр алдында туруп алып, муздак суусундук менен суусунду кандырган жагымдуу болот. Элдин бардыгы эле максым, чалап куюлган идиштерди жана «Шоро» компаниясынын фирмалык белгисин алыстан таанышат. Улуттук суусундуктар ден соолукту сактоого жардам беришет.

*Суроолорду талкуулагыла:*

- Элдерге улуттук кыргыз суусундуктары: максым, чалап, жарма эмне үчүн жагат?
- Шоро компаниясы Кыргызстанды кантип таанытат?

Презентация даярдап, класстан айтып бергиле.

**Класста иштөө.** Кыргызстанды туюндурган символдорду тандагыла да, картага тиркегиле.

### Рефлексия

- Сабактан жаңы эмнени билдиңер?
- Кыргызстанды башка өлкөлөрдө билиши эмне себептен маанилүү?
- Дагы кандай символдорду силер кошумчалай аласыңар?

**Үй тапшырмасы.** Текстти окугула.

Кыргыз режиссеру Артыкпай Сүйүндүковдун «Шамбала» көркөм тасмасы «Moving Film Festival».[16] Фэл аралык кинофестивалында дароо 7 сыйлыкка ээ болду. Тасма «Мыкты оператор», «Мыкты композитор», «Мыкты үн режиссеру», «Мыкты монтаж», «Мыкты грим», «Мыкты костюмдар», «Мыкты визуалдык эффектилер» номинацияларында жеңип чыкты. «Шамбала» тасмасы Чыңгыз Айтматовдун «Ак кеме»[17] повести боюнча тартылган.

- Тасма ушунча сандагы байге алышына эмне түрткү болду?

[16] «Moving Film Festival» Фестивалы – бул ар жылда өтүүчү эл аралык иш-чара, ал көз карандысыз кинематографисттерге арналган. Ал Эл аралык кинотасмалар мектеби тарабынан түзүлгөн (IMOFIS).
[17] Жеткиликтүү:https://ru.sputnik.kg/20220101/chpu-kyrgyzstan-shambala-film-nagrada-kinofestival-1060897519.html

**ТИРКЕМЕ**

Тиркеме1. Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюну



Көк бөрү



Тогуз коргоол

Тиркеме 2. Спорт




Айсулуу Тыныбекова, спортчу айым




Валентина Шевченко, спортчу айым

Тиркеме 3.



Дильбардан көйнөк



Кыргызстандагы улуттук суусундуктар



Ысык-Көл



Кышкысын тоодо

*А. Р. Алишева*

# 11 Дүйнө элдеринин үйлөрү жана маданияты

*4 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1) Дүйнөнүн түрдүү элдеринин турак жайларынын жана маданиятынын көп түрдүүлүгү жөнүндө айтып беришет.

2) Турак үйдүн ошол жер менен, жаратылыш шарттары жана элдин чарбасынын маданияты менен байланышын аныкташат.

3) Маданияттардын көп түрдүүлүгүн жалпы дүйнөлүк баалуулук катары баалашат.

4) Өз үйүн салыштырат жана заманбап дүйнөдө жана Кыргызстанда үй куруу кандай өзгөргөнүн түшүндүрүп беришет.

5) Маданий көп түрдүүлүккө, түрдүү элдердин маданиятынын өзгөчөлүктөрүнө сый-урматын көрсөтүшөт.

**Сабактын тиби:** Жаңы материалды үйрөнүү.

**Сабактын усулдары жана ыкмалары:** Мээге чабуул, эстетикалык иш, чакан тайпаларда иштөө, талкуулоо, салыштыруу, баалоо.

**Жабдуулар:** Слайддар. Флипчарттар, фломастерлер.

**Мугалимге маалымат:** Слайд даярдагыла (мугалим үчүн материалдарды Тиркемден карагыла). Чакан тайпалардын презентациясы жүрүп жаткан учурда, тактада алардын темалары боюнча турак үйлөрдүн сүрөттөрү болушу керек.

## ПЛАН

1. **Окуучулардын тажрыйбаларын актуалдаштыруу.**
2. **Жаңы теманы үйрөнүү: мугалимдин презентациясы.**

- Билимдерди бышыктоо.
- Чакан тайпаларда иштөө.
- Турак үйдүн ошол жер менен, жаратылыш шарттары жана элдин чарбасынын маданияты менен байланышы.
- Үй менен Мекендин өз ара байланышы.
- Дискуссия

3. **Жыйынтыктар.**
4. **Рефлексия.**

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

**Окуучулардын билимдерин актуалдаштыруу.** *Мээге чабуул:*

- Ар бир адам жана үй-бүлө эмне себептен турак үйгө муктаж болот? Адам баласынын жашоосунда турак үй кандай ролго ээ?
- Адамдардын кандай салттуу үйлөрү силерге белгилүү?
- Турак жайлар менен адамдардын үйлөрү эмне себептен бири-биринен айырмаланып турушат?
- Силер кандай ойлойсуңар, биздин сабагыбыздын темасы кандай аталат?

**Жаңы теманы үйрөнүү**

**Мугалимдин презентациясы:** Үй-жайдын көп түрдүүлүгү жана дүйнө элдеринин маданияты (Тиркемеден мугалим үчүн маалыматты карагыла).

1) Көчмөндөр жана алардын үй-жайлары. Көчмөндөр Орто Азияда, Африканын жана Аравиянын чөлдөрүндө, Ыраакы Түндүктө ж.б. жашаган. Бедуиндер Африкада төөлөр менен эчкилерди, Борбордук Азияда – кой менен жылкыларды багышат, ал эми түндүктүктөр – бугуларды кармашат. Түрдүү өлкөлөрдүн Көчмөндөрү үйүрлөрдүн артынан көчүп жүрүп олтурушат, ошондуктан көчмөн-малчылардын үй-жайы түрдүү өлкөлөрдө ташып жүргөнгө ылайыктуу болот.

2) Отурукташкан калктар: Кыргызстан жана дүйнөнүн башка өлкөлөрү.

3) Көп түрдүүлүккө, дүйнө элдеринин маданиятына жана үй-жайларына сый мамиле жөнүндө окуучуларга эскерткиле.

**Билимдерди бышыктоо**

### 1-кадам. Чакан тайпаларда иштөө

- 5 – 8 адамдан турган чакан тайпаларды түзгүлө (колдо болгон материалдардын санына жараша тайпанын саны келип чыгат).
- Тайпадагыларга тапшырмаларды, флипчарттарды жана фломастерлерди тараткыла.
- Презентацияны талкуулоо жана даярдоо үчүн убакытты аныктап алгыла.

**1-тайпа. Көчмөндөр: үй-жайлары жана маданияты**

**1-тапшырма.** Коллаж даярдагыла: «Көчмөндөр жана алардын үй-жайлары»

Кыргызстандын Желегин тарткыла. Өлкөбүздүн желегеинде туунун кайсы бөлүгү тартылган?

*Текстти окугула:*

Дүйнө жүзүндөгү көчмөндөр ташып жүрүүгө ыңгайлуу үйлөрдө жашашкан, себеби аларды оңой эле тигип, кайра чачып алып, көчүп барган жаңы жерге ташууга оңой болгон. Көчмөндөрдүн үй-жайынын типтери – бул боз үй, чум, вигвам болгон. Көчмөндөр мындай салттуу үйлөрүн бир да мык колдонбостон тургушуzкан.

**БОЗ ҮЙ.** Боз үйлөрдө кыргыздар, казактар, түркмөндөр, монголдор, алтайлар жашаган. Боз үй үчүн жыгач ууктарды пайдаланышкан, анын үстүнөн кийиз менен жаап коюшкан. Ошондуктан боз үйдө кышында жылуу, жайында салкын болуп турган. Боз үйдүн ортосуна очок жайгашкан, ал кышында тамак жасоо жана жылынуу үчүн кызмат өтөгөн, ал эми андан чыккан түтүн түндүк аркылуу сыртка чыгып кетип турган. Жайында түндүктү ачып коюшкан – бул «асманга терезе» болгон, балдар түнкүсүн ал түндүк аркылуу асманга жана учуп бара жаткан жылдыздарга байкоо салышкан. Үй кожойкелери боз үйдү кийизден килемдер (шырдактар) менен кооздошуп, кийимдерин сандыкта сакташкан. Кийимдерди жүндөн жана пахтадан жасалган кездемелерден тигишкен, терини пайдаланышкан. Көчмөндөрдүн тамак ашында эт азыктары көп болгон.

**ЧУМ** – Россиянын Түндүк элинин (ненец) негизги үй-жайы болгон. Чукоткадагы чукчалардын, коряктардын жана эвенктердин ушуга окшош үйлөрү яранга деп аталат. Чум менен ярanganы жыгач шырыктардан жасашып, кышкысын бугунун эки катмар териси менен, ал эми жайкысын – кайыңдын жука кабыгы менен жаап коюшат.

Суук өтө катуу болгондуктан, түндүк элдери кышкы кийимдерин жаныбарлардын терисинен тигишкен. Балык, киттин эти, морждун жана бугунун эти менен тамактанышкан.

**ВИГВАМ** Түндүк Американын (Канадада) идейцтеринин үй-жайы болгон. Жыгач шырыктарды бак дарактардын кабыктары, камыштан согулган жабуу же жаныбарлардын терилери менен жабышкан. Вигвамдын орто жеринде очок орнотушуп, төбөсүнөн түтүн чыгып турушу үчүн тешик жасап коюшкан.[18]

**2-тапшырма.** Презентация даярдагыла жана көчмөндөрдүн турак үйлөрү жана жашоолору жөнүндө класста айтып бергиле.

*Мугалим үчүн маалымат.* Презентацияны класста жалпы талкууга алгыла.

1. Боз үйдү, чумду жана вигвамды куруу үчүн силерге эмне керек болот? Бул турак үйлөрдүн окшоштуктары жана айырмалары эмнеде?
2. Бул үйлөрдө кайсы эл жашаган?
3. Кыргызстандын желегинде боз үйдүн кайсы бөлүгү тартылган?
4. Көчмөн түрдүү элдердин тамак-ашы жана кийими бири-биринен эмнеси менен айырмаланышат?
5. Жайында жайлоого чыгып, кыргыз боз үйүндө жашап келүүгө кызыгасыңарбы? Үй кожойкеси коноктор үчүн эмне тамак жасайт?
6. Кышында Алыскы Түндүккө барып, чумда жашап келгиңиз келеби? Үй кожойкеси коноктор үчүн эмне тамак жасайт?

### 2-тайпа. Иглу – эскимостордун кышкы үйү

**1-тапшырма.**

*Текстти окуп чыккыла:*

Иглу – АКШдагы Аляcканын жана Канаданын эскимосторунун кышкы өзгөчө үйү. Иглу – которгондо «үй» дегенди туюндурат. Эскимостор кышында өздөрүнө

[18] Жеткиликтүү: https://american-history.net/native-america/wigwams/

катуу кардын блокторунан купол сымал чакан үйлөрдү куруп алышат. Даяр Иглунун ички бетиндеги дубалына суу куйса, тоңуп музга айланып, ого бетер катуу жана бекем болуп калат.

Кардан жасалган мындай үй адамды сууктан, кардан, шамалдан коргоп турат. Иглу үйү адамдын денесинин жылуулугун сактап тургандыктан, кардан жасалган үйдүн ичи жылуулукту кармап турат. Үй ээлери күйүп турган май менен бир нече жалпак табактарды колдонушат, алар үй ичин жарык кылып, жылытып турат. Ошондуктан сыртта аба табы – 45°С болсо, үйдүн ичинде +10°С болот. Мындан да жылуу болушу үчүн эскимостор полуна бугулардын терилерин төшөшөт – бул болсо жылуулук гана бербестен, үйдүн ичин жайлуу кылып коёт.

Эскимостор, негизинен, балык жешчү, морждордун, тюлендердин жана киттердин этин, балырларды, деңиз капустасын жана башка деңиз азыктарын жейт.

Азыркы учурда Иглу-үйүн лыжа спортунда жана туристтер үчүн гана колдонушат. Туристтер кардан жасалган үйдө жашай алышат. Аба ырайынын оңолушун күтүүгө туура келген учурда, туристтер Иглуну пайдаланышат.

**2-тапшрыма.** Презентация даярдагыла жана эскимостордун үйү жөнүндө айтып бергиле.

*Мугалим үчүн маалымат.* Презентацияга класста жалпы талкуулоо жүргүзгүлө:

1. Эскимостор үй-жайын эмне себептен кардан курушкан?
2. Силер Аляскага саякатка барып, кышында Инглуда жашагыңар келеби? Аны куруу үчүн силерге кайсы инструмент керектелет?
3. Үйдүн ичин кантип жылытат элеңер?
4. Үй ээлеринин меймандостугу жөнүндө айтып бергиле. Үй кожойкеси кандай тамак даярдайт?

### 3-тайпа. Отурукташкан тургундар: өзбек үйү

**1-тапшырма**. Коллаж даярдагыла: «Өзбек үйү». Үйдү, короосун, бакчасын жана тапчанды (айванды), идиш-аяктарды, тамак ашын тарткыла.

*Текстти окуп чыккыла:*

Отурукташкан тургундар чакан үйлөрдү курушкан, ал үчүн жергиликтүү материалдарды: кышты (чийки жана бышкан), пахсаны, катмарланып куюлган чопону, чоподон гуваланы, камышты, жыгач материалдарды пайдаланышкан. Балдар чоңойгондо, алар үчүн бөлмөлөрдү кошуп улап турушкан.

Короодо өсүмдүктөрдү, жүзүм бактарын жана бакча өсүмдүктөрүн отургузушкан. Мындай үйлөрдү отурукташкан тургундар Кыргызстанда, Казакстанда, Тажикстанда курушкан. Үй кожойкесинин кооз сандыгы сөзсүз болгон, үйдү ичинен саймалар, чоподон кооз идиштер, төшөктөр, жаздыктар менен кооздошкон.

Өзбектердин короосунда сөзсүз түрдө тапчан (айван) болот, жайкысын анын үстүнө отуруп үй ээлери менен коноктор чай ичип, эс алышат. Меймандос үй ээлери чайды самоорго кайнатышып, түрдүү тамактарды жасашат.

**2-тапшрыма.** Презентация даярдагыла жана отурукташкан элдин турак жайы жөнүндө – эмнеден курушкандыгы жана өзбектер, тажиктер үйүнүн ичин кантип кооздошкондугу тууралуу класста айтып бергиле.

*Мугалим үчүн маалымат.* Презентацияны класста жалпы талкуулоого алгыла.

1. Мындай үйлөрдү кандай материалдардан курушкан?
2. Эмне себептен мындай үйлөр жайкысын салкын, кышкысын жылуу болот?
3. Короонун ичинде көлөкө менен ыңгайлуулукту эмне жаратат?
4. Конокко барып, жүзүм шагынын алдындагы көлөкөдө тапчанда (айванда) отуруп эс алгыңар келеби?
5. Үй кожойкеси коноктор үчүн кандай тамактарды даярдайт?

Презентация даярдап, класска айтып бергиле.

**4-тайпа. Отурукташкан тургундар: орустун жыгачтан салган үйү (изба)**

**1-тапшырма**: Коллаж даярдагыла: "Орустун жыгачтан салган үйү (изба)"

*Текстти окуп чыккыла:*

Орустун избасы – бул жанында карагайлар же ийне жалбырактуулар өскөн жаңы кыйылган дарактардын устунунан курулган там. «Изба» деген сөз «истьба» деген сөздөн келип чыккан, которгондо «үй», же «мончо» дегенди туюнтат. Негизинен: «биз үй курдук» деп айтышат, ал эми изба тууралуу – избаны «кыйдык» дешет. Себеби мурда избаны куруудагы жалгыз эле курал балта болгон. Избанын ичинен жыгачтарды оюп кооздошкон, ал эми терезелерине сүрөт тартылган алкак жайгаштырышкан.

Ар бир избанын ичине сөзсүз түрдө чоң меш салышкан, ага тамак бышырышып, пирог жасашкан, ар бир үй кожойкесинин сандыгы болгон. Терезелерде – ак парда тартылып, дубалдарга – идиш коё турган текчелер орнотулган. Кийимдер саймалар менен кооздолуп, кышында шырылган жылуу курткалар – ватниктерди жана мээлейлерди кийишкен.

**2-тапшрыма. Презентация даярдагыла жана класста айтып бергиле**.

*Мугалим үчүн маалымат.* Презентацияны класстан жалпы талкуулагыла.

1. Избаны кайсы материалдардан курушкан?
2. Ар бир избада кожойкесинин эмнеси сөзсүз болгон?
3. Силер саякатка барып, токойго жакын жайгашкан орус избасында бир аз жашап келгиңер келеби?
4. Кожоюндардын меймандостугу жөнүндө айтып бергиле. Коноктор үчүн үй кожойкеси кандай тамактарды даярдайт?
5. Кыргызстанда орустар курган үйлөр эмнеси менен айырмаланат?

*Вариант:* белорустун же украиндин үйү туралуу тапшырма берсе болот.

**2-кадам. Жыйынтык талкуулоо**

Материалды бышыктоо үчүн класстын окуучулары менен суроолорду жалпы талкууга алгыла:

- Түрдүү элдердин үй-жайынын тибине Жаратылыш шарттары кандайча таасир эткен?
- Түрдүү элдердин кийимдерине жана тамак-аштарына чарба жүргүзүү түрлөрү кандай таасир эткен?

### 3-кадам. МАЕКТЕШҮҮ: Менин үйүм жана Мекен

- Өз үйүң менен Мекендин байланышы кандай?
- Узак убакытка алыс жакка кеткенде, үйүңүздү сагынасызбы?
- Өз үй деген сөз силерде кандай ассоциация жаратат?
- Үй менен Мекен кантип өз ара байланышта болот? (Жооптор: Үй-бүлө, жашаган жери, достор, мектеп, Мекен).

### Жыйынтыктар

*Окуучулардан сурагыла:* Сабактын темасы боюнча кандай жыйынтыктарды жазсак болот?

1. Ар бир адам өзүн коркунучтан, сууктан жана ысыктан коргоо үчүн үйгө муктаж болот.
2. Көчмөндөрдө ташып жүрүүгө ыңгайлуу түрдүү үйлөр, ал эми отурукташкан элдерде – туруктуу үйлөр болгон.
3. Адамдар өз – үй-жайын климатка жана чарбачыл иштерине жараша түзүшкөн. Ал үчүн жергиликтүү материалдарды, мисалы, жыгачты, чопону, жүндү, камышты, циновканы, жаныбарлардын терилерин жана карды пайдаланышкан.
4. Барык элдер үйлөрүн түрдүү саймалар, керамика жана тери идиштери жана башка буюмдар менен кооздошкон.
5. Маданий көп түрдүүлүк – бул адам коомунун баалуулугу, жана биз түрдүү маданиятка жана адам баласынын турак үйүнө сый-урмат менен мамиле жасашыбыз керек.

### Рефлексия

*Окуучулар менен төмөнкү суроолорду талкуулагыла:*

- Бүгүнкү сабактан силер эмнелерди билдиңер?
- Эмнелер силерди таң калтыра алды?
- Башка элдердин үй-жайлары жана маданияты жөнүндө билгиңер келеби?
- Азыркы биз жашап жаткан заманбап үйлөр эмнеси менен айырмаланышат?
- Бүткүл дүйнө жүзүндөгү азыркы үйлөрдүн окшоштугу эмнеде?

**Мугалимдин корутундусу:** Адам коомунда ар түрдүү мезгилдерде жана орун алган жерине, климатка жараша адамдар ошол жерде жеткиликтүү болгон жаратылыш материалдарынан үйлөрдү курушкан. Дүйнө элинин үйлөрү көп түрдүү жана уникалдуу. Бул үй ага баш калкалай турган жай болуп, сууктан, жамгырдан жана кардан коргоп, эс алууга мүмкүндүк бериши адам баласы үчүн маанилүү болгон.

**Көп түрдүүлүк** – бул адам коомунун баалуулугу жана биз түрдүү маданияттарга жана адамдын үй-жайына түшүнүү жана сый урмат менен мамиле жасашыбыз керек.

### Үй тапшырмасы

- Өзүңдүн үйүңдүн сүрөтүн тартып, аны баяндап айтып бер.
- Вариант: Венна диаграммасын кургула: а) көчмөндөрдүн үйү; б) боз үй жана үй/изба.

## ТИРКЕМЕ

### МУГАЛИМ ҮЧҮН МААЛЫМАТ

Ар түрдүү мезгилдерде климатка жараша адамдар өз үйлөрүн курушкан. Үй-жайлар климаттык шарттарга жараша ар түрдүү болгон. Алар ошол жерден адамдар таба ала турган жеткиликтүү материалдардан курулган. Эң негизгиси, үй-жай адам үчүн баш калкалай турган жай болуп, сууктан жана катуу ысыктан коргошу маанилүү болгон.

Мисалы, мал чарбачылыгы менен алыктенип, көчмөн жашоо образын өткөргөн кыргыздар, казактар, монголдор жана башка элдер ташып жүрүүгө ыңгайлуу үйлөрдү курушкан. Россиянын түндүгүндөгү элдерде дагы ташып жүрүгө ыңгайлуу үй – жыгач шырыктардан курулуп, кышкысын бугулардын терилери менен, ал эми жайкысын мүшөкчөлөр менен капталган чум курушкан.

Биздин өлкөдө түрдүү улуттардын өкүлөрү жашашат, алар байыртан эле үйлөрүн ошол жашаган жерлеринен жеңил алына турган чоподон курушкан. Алсак, өзбектер, тажиктер самандан, жыгач шырыктарды, камыштарды жана башка колго тийген материалдарды пайдаланып гувалдан үй курушкан.

Дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө бүгүнкү күнү кыштан жана бетондон көп кабаттуу үйлөрдү куруп жатышат, аларды туш кагаздар менен шөкөттөшүп, полдорго атайын жабуу таштašат. Бул дүйнө жүзүндөгү үй куруунун окшоштугун аныктоочу сапат.

### КӨЧМӨНДӨРДҮН ҮЙ-ЖАЙЫ

**Кыргыз боз үйү**

Жүздөгөн жылдар бою кыргыздар көчмөн турмушта жашап келишкен. Алардын маданиятында жана жашоо образында боз үй негизги мааниге ээ болгон. Боз үй жылкыга же төөгө артылып, өздөрү менен кошо ташып жүрүүчү, чогулма үй болуп саналат.

Жетчү жерине жеткенде, боз үйдү үй-бүлө мүчөлөрү чогуу тигишкен. Боз үйдүн ортосуна очок жайгашкан, ага кышкысын тамак жасап, табы менен жылынышкан, ал эми анын түтүнү боз үйдүн төбөсүнөн – түндүктөн сыртка чыккан. Жайкысын түндүктү ачык коюшкан, бул “асманга терезе” болгон, түнкүсүн балдар ал түндүк аркылуу жылдыздарды карап, суктанышкан. Боз үйдүн түндүгү Кыргызстандын символдорунун бири жана ал өлкөбүздүн туусун көркkө чыгарып турат.


Үй кожойкелери боз үйдү кийизден килемдер (шырдактар) менен кооздошуп, кииймдерин сандыкта сакташкан. Кийимдерди жүндөн жана пахтадан кездемелерден тигишкен, терини пайдаланышкан. Көчмөндөрдүн тамак ашында эт азыктары көп болгон.



**Вигвам-чум-яранга**

Вигвамдар[19] Түндүк Американын уруулары курган убактылуу турак-жай болгон. Алар жыгач шырыктардан курулуп, ич тарабынан ошол жерде жеткиликтүү болгон материал: даректын кабыгы, циновка же жаныбарлардын терилери менен капталган. Вигвамдын дал ортосунда очок жагышкан, анын үстүндө ал аркылуу түтүн чыгып кетүүчү тешик жасалган.

ЧУМ жана ЯРАНГА – Россиянын түндүгүндө жашагандарды ташып жүрүүгө ыңгайлуу үй. Бул үйдү курууга жыгач шырык керектелет, ага ичинен жана тышынан биригип, бугунун эки катмар териси жабылат. Жайында чум кайыңдын кабыгы менен жабылат. Бул үйдүн да төбөсүнөн очоктун түтүнү чыгып кеткидей, тешик жасалат.



Вигвам



Чум

[19] Жеткиликтүү: https://american-history.net/native-america/wigwams/



Яранганын ичи




Түндүк элинин кийими

**Иглу – эскимостордун кышкы үйү**

Азыркы учурда эскимостор Гренландия аралында, Канаданын түндүгүндө жана АКШда Аляскада жашашат. Алар Түндүк муз океанынын жээгендеги каардуу жашоо шарттарына ылайыкташып калышкан. Эскимос – индия сөзү, ал эми эскимостор өзүлөрүн инуиттер деп аташат. Алар каякты, умиакты (аялдар үчүн кайык), гарпунду жана ыргытуу үчүн атайын тактасы менен канаттууларга мергенчиликке чыгуу үчүн дротиктерди, лососту кармоо үчүн учтуу айрыны, иттер чегилген чаналарды, кар күрткөлөрдү, шам чырактары менен карлуу үйдү, жана териден кийимдерди ойлоп табышкан. Эскимостордун салттуу эки үйү бар – жайкы ранга жана кышкы - кардан иглу үйү.

Иглу – уникалдуу кышкы үй – катуу кардын блокторунан жасалган купол сымал кичинекей үй. Даяр үй – иглунун тышынан дубалына суу куюшат, ал дароо музга айланат да катуу жана бекем болуп калат. Ар бир эле адам мындай үй кура албайт. Иглуга кирүү полдун деңээлинен төмөн болот, себеби ушунун эсебинен имараттын ичи туура желденип, ич тарабына жылуулук сакталып кала берет. Айрым учурларда эскимостор шамалдан коргоп, жылуулукту сактап туруучу атайын коридорду улап курушат. Иглу адамдын денесинин жылуулугун сактап тура алат. Үй ээлери имараттын ичине жарык берип жана жылытып туруучу күйүп турган майы менен жалпак табактарды колдонушат. Ошондуктан иглунун тышында аба табы – 45°С болсо, ичинде +10°С болот. Иглунун ичи жайлуу болуп, полдор эликтердин терилери менен жабылып турат.[20]



[20] Жеткиликтүү: https://bigpicture.ru/kak-ustroeno-iglu-zimnee-zhilishhe-jeskimosov/

**Өзбектин жайкы тапчаны (айваны) бар салттуу үйү**



**Орустун жыгач үйү**

Жыгачтан үйдү курардын алдында орустун эркектери курулуш үчүн жерди жана бак-дарактарды тандашкан. Карагайдан же кызыл карагайдан кыйылып алынгандар мыкты деп эсептелген. Бул жыгачтан жасалган үй бекем болуп, устундардан жагымдуу жана пайдалуу жыт чыгып тургандыктан, мындай үйдө жашагандар өтө аз ооруган.

Дыйкандын жыгач үйүнүн ичинде бир бөлмө болуп, меш негизги орунду ээлеген. Меште тамак аш даярдашкан, ал эми үстүнкү бетинде карыялар менен балдар укташкан. Полдорду түйүлгөн материалдар менен жабышкан. Буюмдарын сандыкта сакташкан.



Орустун жыгач үйү. Москва ш. [21]



Жыгач үйдүн ички жыйналыши

[21] Жеткиликтүү: https://saveheritage.fund/russkaya-izba-v-tsentre-moskvy-pod-ugrozoj/

# СҮРӨТ-КӨРКӨМ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК



# 1 Түстөр дүйнөсүнө саякат

*1 класс*

**Күтүлүүчү натыйжалар.** *Окуучулар:*

1) Түстөрдү бири-бирине өз алдынча шайкеш келтире алышат.

2) Негизги түстөрдү ажыратат. Кошумча түстөрдү табышат, аталыштарын билишет.

3) Үч түстүү шарды өз алдынча тарта алышат. Шарды белгиленген линиядан чыкпай бойой алышат.

4) Башталган ишти аягына чыгарганга үйрөнүшөт.

5) Өз иштерин дыкат аткарышат.

**Сабактын тиби:** Жаңы материалды үйрөнүү

**Сабак өтүү усулу:** Интерактивдүү, көрсөтмө, баарлашуу

**Сабакта колдонулуучу усулдар жана ыкмалар:** түшүнүгүн баяндап берүү, өзүнүн түшүнүгүн айтып берүү, суроо-жооп, көрсөтмөлүүлүк, практикалык иш

**Сабактын жабдылышы.** *Мугалим үчүн:*

Кыргыз элинин биримдигин чыңдоо жана калктын көп түрдүүлүгүн сыйлоо менен байланышкан ар түстөгү майрамдык сүрөттөр. Күндүн желесинин (радуга) сүрөттөрү, түрдүү түстөгү шарлар, туура жана туура эмес сызыктар (штрих) менен боёолгон шарлардын сүрөтү, түрдүү түстөгү карандаштар, кагаз). Окуучулар үчүн – кагаздар жана түрдүү түстөгү карандаштар.

Предметтер аралык өз ара байланыш: кыргыз тили, музыка.

## ПЛАН

1. Окуучулардын тажрыйбасын актуалдаштыруу. Максаты жана күтүлүүчү натыйжалар.
2. Жаңы теманы окуп үйрөнүү:
   - көнүгүү оюндары;
   - интерактивдүү көнүгүүлөр – сабактын негизги бөлүгү.
3. Сабактын жыйынтыгын чыгаруу.
4. Иш ордун жыйноо.

| Сабактын этаптары | Мугалимдин аракеттери | Окуучулардын аракеттери |
|---|---|---|
| Уюштуруу<br>Сыйлоо | Сабакты уюштуруу жана мыкты маанай<br>Сыйлоо | Мыкты маанай түзүүгө Мугалим менен бирге катышат |
| Темага жана күтүлүүчү натыйжаларга түшүндүрмө берүү | Сабактын темасы жана максаттары менен таанышуу.<br>Түшүндүрүү: боёктордун негизги түстөрү | Чоң үч шар тартат да, негизги түстөр менен бойойт.<br>Берилген суроолорго жооп берет |
| Тема боюнча маалымат | Жаңы тема боюнча далилдүү фактыларды келтирет.<br>Бүгүнкү сабакта бизге кагаз, түстүү карандаштар керектелет | Окуучулар жаңы маалыматты кабыл алышат<br>Окуучулар өз идеяларын чогуу талкуулашат.<br>Балдар парталарында турган нерселерди текшеришет |
| Көнүгүү оюну тез ойлонууга, эс тутумду өнүктүрүүгө багытталган | Шар менен оюн уюштурушат | Шарлар менен “Учтук-учтук...” оюнун ойношот |
| Интерактивдүү көнүгүүлөр –сабактын негизги бөлүгү | Карандашты туура кармаганды үйрөнөт, шардын көлөмүнө жараша түрдүү сызыктарды жүргүзүү, контурдун чегинен чыкпай боёо ыкмаларын көрсөтөт | Линиянын формасы боюнча туура, тийиштүү сызыктарды жүргүзүү жолдорун өздөштүрөт |
| Сабактын жыйынтыгын чыгарат: жыйынтыктарды баалоо | Сүрөт көргөзмөсүн жана суроолорду талкуулоону уюштурат | Окуучулар сабакта жасаган иштери жөнүндө тактанын жанында туруп айтып беришет |

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

**1-кадам. “Түстөр дүйнөсүнө саякат” темасында маектешүү.**


Боёктордун негизги түстөрү

Бүгүн биз түстөр дүйнөсүнө саякатка чыгабыз. Ал үчүн биз негизги түстөрдү билишибиз керек.

- Кана , балдар, силер кайсы түстөрдү билесиңер?
- Кайсы түстөр негизги түстөр деп аталат?
- Эмне себептер ошондой аталат?

Сүрөт искусствосунда негизги үч түс бар: кызыл, көк, сары.

Башка түстөр бул үч түстүн аралашуусунан пайда болот. Бул үч түстү аралаштарганда башка кошумча түстөр кантип чыгарын мугалим көрсөтүп берет.



Сүрөт. Негизги жана кошумча түстөр[22]

**2-кадам. Практикалык иш**

Окуучулардын көңүлүн тактада илинген шарларга буруу. Окуучулар менен төмөнкү суроолорду талкуулоо:

- Күндөлүк турмушта кайсы учурларда биз шарды пайдаланабыз?
- Формасы кандай жана алар кайсы түстө?

Мугалим тартылган шарларды тактага илет.

**1-тапшырма. Сүрөт – үч шар**

- Кагазга кызыл, көк жана сары түстөгү шарларды тартуугу окуучуларга сунуштаңыз.
- Балдардын бирөөсү шарды тарткандан кыйналса, шарлардын шаблонун алып, андан көчүрүп тартса болот (шаблон даярдоо).
- Мугалим тактага шаблон менен иштөө ыкмасын көрсөтөт.

**3-кадам. ОЮН**

1) Мугалим "Учтук-учтук" оюнун түшүндүрүп берет:

- Окуучулар шариктерди алышат.
- Мугалим предметтерди атайт (учак, канаттуу, китеп) – эгер бул предмет учпаса, балдар шарларды кармап турушат.
- Эгер учкан предметтерди атаса – балдар шарларды өйдө учурушат.

2) Сүрөт менен иштөө

[22] https://stroyday.com/smeshivanie-tsvetov/

- Мугалим ар бир окуучуга жакын келип, алардын иши контролдойт, сүрөт тартууга жардам берет.
- Тактадагы шарлардын кайсынысы туура тартылган, силердин оюңар кандай?

**Жыйынтыгы:** Окуучулар шардын контурунун сызыгынан чыкпай, тартылган сүрөттөрдү дыкат боёшот. Практикалык иштин жүрүшүндө окуучулар негизги түстөн кошумча түстөр пайда болорун билишет.

## 4-кадам. Сабакты суроо-жооп иретинде бекемдөө

1. Негизги түстөрдү атагыла.
2. Шардын көлөмү кандай?
3. Биз сүрөттү кантип тарттык?
4. Шардын көлөмү чоң көрүнүш үчүн, аны кандай сызыктар менен тартуу керек?
5. Негизги түстөрдү аралаштырсак, кошумча кандай түстөр пайда болот?

## Рефлексия

- Бүгүнкү сабакта силер эмне жөнүндө билдиңер?
- Эмнеге үйрөндүңөр?
- Биз бүгүн үйрөнгөн түстөрдөн сырткары, дагы кандай түстөрдү ажырата алабыз?
- Биздин айлана-чөйрөбүздө, адамдардын арасында, жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн арасында ашыкча, кооз же кооз эмес түстөр барбы?

Смайликти тандаңыз: Сабакта өзүңөрдү кандай сездиңер? Эмне себептен ошондой сезгениңерди түшүндүрүп бергиле.

| | | |
|---|---|---|
|  |  |  |
| | | |

## Үй тапшырмасы

Негизги жана кошумча түстөрдү колдонуп, жөнөкөй формадагы жемиштерди боёгула.

## Сабактын жыйынтыгын чыгаруу

Балдар, сабакка бардыгыңар жигердүү катыштыңар, азаматсыңар!

Эмки сабакка чейин көрүшкөнчө саламатта болгула!

## ДОЛБООРДУН КАТЫШУУЧУЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

1. Алишева Атыркуль Ракишевна, тарых илимдеринин кандидаты
2. Абдулкасимова Гульнара Махаматжановна, Ош шаарындагы №4 мектеп-гимназиясынын мугалими
3. Акматов Дамирбек Абыласанович, КБА эстетикалык билим берүү лабораториясынын улук илимий кызматкери
4. Аттокурова Чынара Амановна, КБА мектепке чейинки жана баштапкы мектептик билим берүү лабораториясынын улук илимий кызматкери
5. Шаршембиева Дамира Нуржановна, КБА көп тилдүү жана инклюзивдик билим берүү бөлүмүнүн башчысы
6. Иманкулов Муратбек Калманович, педагогика илимдеринин кандидаты, КБА социалдык-гуманитардык билим берүү лабораториясынын башчысы
7. Исакулов Эркин Рустамович, БУУ АУЖКБ

Окуу басылмасы

**Алишева Атыркуль Ракишевна, Аттокурова Чынара Амановна,**
**Шаршембиева Дамира Нуржановна ж.б.**

**МЕКТЕПТЕ БИЛИМ БЕРҮҮ ТУТУМУНДА**
**КЫРГЫЗ ЖАРАНЫ ДЕП ЖАРАНДАРДЫН ӨЗҮН**
**ТААНУУСУН КАЛЫПТАНДЫРУУ**

**Сабактар жыйнагы**

Эки бөлүмдөн турат

1-бөлүм

1– 4-класстар

«M-MAXIMA» ЖЧК тарабынан калыпка
салынган жана басылып чыгарылган
Бишкек ш., Тыныстанов көч.,197/1

Колдонмонун сайттагы электрондук нускасы: